Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ТУРУКТУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

2017-жылдын июнь айы

Бишкек

# РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ


| | |
|---|---|
| Төрага: | Жениш Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Джусупов Т. |
| | Айдарова А. |
| | Каракожаев А. |
| | Лелевкина Э. |
| | Чалбаев С. |
| Жооптуу катчы: | Усубалиев У. |


Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2012-жылдын 17-августунда каттоодон өтүп, № 1863 күбөлүккө ээ болгон

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2017.
Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайсы болбосун формада, кандай болбосун каражаттар аркылуу басып чыгарууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басып чыгарууда жана которууда “Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет” басылмасына милдеттүү түрдө шилтеме келтирүү зарыл.

Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор менен төмөнкү дарекке кайрылууга болот:
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168.
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Финансылык туруктуулукка мониторинг жүргүзүү бөлүмү
телефону: (+996 312) 61-22-46
факс: (+996 312) 61-07-30
электрондук почта: uusubaliev@nbkr.kg

Басылма жылына эки жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

Сандардын тегеректелишинен улам, суммалоодо акыркы катарда дал келбестиктер келип чыгышы мүмкүн.

## Мазмуну

**Киришүү...5**

**Негизги корутунду...7**

**I. Макроэкономикалык жана финансылык конъюнктура...8**

1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер...8

1.2. Финансы секторунун түзүмү...12

1.3. Финансылык рыноктордун абалы...14

*1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы...14*

*1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы ...14*

1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу...16

**II. Банк сектору...22**

2.1. Негизги тенденциялар...22

2.2. Банк секторунда орун алган тобокелдиктер...25

*2.2.1. Кредиттик тобокелдик...25*

*2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги...33*

*2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги...35*

*2.2.4. Валюта тобокелдиги...35*

*2.2.5. Пайыздык тобокелдик...37*

*2.2.6. "Дуушарлануу" тобокелдиги...37*

*2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик...38*

2.3. Банк секторуна "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү...40

*2.3.1. Кредиттик тобокелдике "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү...40*

*2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигине "кайтарым" стресс-тестирлөө жүргүзүү...41*

*2.3.3. Рыноктук тобокелдикти "кайтарым"стресс-тестирлөө...41*

**III. Банктык эмес финансы-кредит мекемелери...43**

3.1. Негизги тенденциялар...43

3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер...46

3.3. БФКМ системасына стресс-тестирлөө жүргүзүү...49

**IV. Төлөм системалары...51**

**V. Финансы секторунун ишин жөнгө салууну өркүндөтүү...54**

**Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулук көрсөткүчтөрү...60**

**Глоссарий жана кыскартуулардын тизмеси...61**

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2012-жылдан бери республиканын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчетту жарыялап келет. Республиканын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү менен коомчулукту тааныштыруу, мына ушул отчеттун негизги максаты болуп саналат.

**Финансылык туруктуулук** дегенден улам, финансылык тең салмаксыздык жана таасирлердин орун алышы шартында финансылык ортомчулук милдетин аткарууга өбөлгө түзгөн финансы мекемелеринин, финансы рынокторунун жана төлөм системаларынын жөнгө салынган жана үзгүлтүксүз ишин түшүнүү зарыл.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жана финансылык туруктуулукка талдап-иликтөөлөрдүн натыйжалары, акча-кредит саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда жана банк ишин жөнгө салууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын финансы-кредит мекемелерин өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда эске алынат.

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет, финансылык туруктуулук маселелерине кызыккан жактар жана финансы рыногунун катышуучулары үчүн каралган.

## Кыстырмалардын тизмеси

1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси........................................................................19

2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторуна таасирин стресс-тесттен өткөрүү..........................................................................................................20

3-кыстырма. Коммерциялык банктардын кардарларына жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыктары...................................................................................................................30

4-кыстырма. Коммерциялык банктардын кардарларын DTI жана LTV боюнча изилдөөнүн натыйжалары ......................................................................................................31

5-кыстырма. Кыйыр валюта тобокелдиги аркылуу кредиттик тобокелдик..............................................36

6-кыстырма. Концентрациялануу индексинин негизинде БФКМ системасынын ишине баа берүү.......47

# НЕГИЗГИ КОРУТУНДУ[1]

**2016-жылдын жыйынтыгы боюнча макропруденциалдык талдап-иликтөө, эконометрикалык модель түзүү, финансылык болжолдоолордун моделин түзүү, кайтарым стресс-тест жыйынтыктары финансы секторунун туруктуулугу жетиштүү деңгээлде экендигин тастыктайт. Банк секторунда анын туруктуулугуна алгылыктуу таасирин тийгизген долларлашуу кыйла төмөндөгөндүгү белгиленген.**

**Банк сектору үчүн өлкөлүк тобокелдик мурдагыдай эле орточо болуп саналат.**

**Банк секторуна мүнөздүү негизги тобокелдиктерден болуп концентрациялануу тобокелдиги дале сакталууда.** Концентрациялануу тобокелдиги банк сектору үчүн олуттуу бойдон калууда. Ири карыз алуучулардын потенциалдуу дефолтко учурашы жана ири каржылоо булагынын күтүүсүз агылып чыгышы (анын ичинде мамлекеттик сектор жана мамлекеттик ишканалар) белгилүү бир банктарга терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

**Банктар аралык кредиттөөнүн төмөн деңгээлде болушу алкагында “дуушарлануу”[2] тобокелдиги анчалык олуттуу эмес деңгээлде сакталууда.** Бул банктар аралык кредиттөөдө күрөөлүк камсыздоонун болушуна жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары ортосундагы өз ара байланыштын начар болушуна шартталган.

**Мурдагыдай эле, банк секторунун финансылык туруктуулук запасы сакталып тургандыгы байкалууда.** Эконометрикалык модель түзүү, финансылык болжолдоолордун моделин түзүү жана кайтарым стресс-тестирлөө жыйынтыктары, 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча 2015-жылга салыштырганда, мурдагыдай эле, финансылык туруктуулук запасынын бар экендигин жана белгилүү бир макроэкономикалык таасирге туруштук берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин чагылдырууда. Мында, айрым банктар айкалышкан макроэкономикалык терс таасирге дуушарланышы ыктымал экендигин белгилеп кетүү зарыл.

**2016-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында төлөм системасы, бүтүндөй алганда, штаттык режимде иштеген,** ал эми финансылык инфраструктурада системалык тобокелдик деңгээли орточо катары бааланган.

**Кыймылсыз мүлк рыногунда турак жайга баа индексинин төмөндөгөндүгү белгиленген.** Коммерциялык банктар тарабынан жүргүзүлгөн стресс-тесттин жыйынтыгы боюнча, кыймылсыз мүлккө баа 33 пайыздан ашыгыраакка төмөндөгөн шартта Кыргыз Республикасынын банк сектору потенциалдуу чыгымга дуушар болушу мүмкүн экендигин көрүүгө болот. Ал эми кыймылсыз мүлккө баа 40 пайыздан ашыгыраак төмөндөгөн учурда ири банктар чыгымга дуушар болушу ыктымал.

[1] Бул басылмада банктар тарабынан мурдагы мезгилдерде киргизилген оңдоолорду эске алуу менен мезгил-мезгили менен берилген регулятивдик банктык отчеттогу маалыматтар пайдаланылган.
[2] Банктар аралык кредиттөөдөгү “дуушарлануу” тобокелдигин түшүнүүгө болот.

# I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА

## 1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер

***2016-жылдын жыйынтыгы боюнча өлкө экономикасы алгылыктуу чекте катталган. Өкмөттүк чыгашаларды көбөйтүү саясаты мамлекеттик бюджет тартыштыгын олуттуу артышына алып келген, ал эсепке алынбай калган салыктардын жана фискалдык туруктуулук тобокелдигинин сакталып турушу менен калыптанган.***

***Кыргыз Республикасында буга чейин көрүлгөн акча-кредит чаралары, дүйнөлүк азык-түлүк жана энергопродукциялар рыногунда баанын төмөн болушу аклагында, ошондой эле ички жана тышкы суроо-талаптын төмөндөшүнүн дефляциялык таасиринен улам инфляциялык процесстердин басаңдашы менен бирге инфляция арымынын төмөн деңгээлде сакталып турушуна өбөлгө түзгөн.***

***Улуттук банк экономиканын өсүш арымынын басаңдашы жана инфляция динамикасынын төмөндөөгө ык коюу шартында өбөлгө түзүүчү акча-кредит саясатына таянуу менен иш алып барган.***

***Өлкө экономикасынын андан ары өнүгүшүнүн күтүлүп жаткан шарттары дүйнөлүк өсүш арымынын басаңдап жатышы жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасынын биржалык баанын белгисиздигинин сакталып турушу жана тышкы экономикалык конъюнктуранын солгундашы менен корректировкаланып жаткан жогорулоосунун анчалык бекемделбей жатышы менен аныкталууда.***

### *Ички дүң өнүм*

Жылдын экинчи жарымында ИДӨ көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусу өлкө экономикасынын бүтүндөй 2016-жыл ичинде 3,8 пайызга өсүшүн (2015-жылы ИДӨ өсүшү 3,9 пайызды түзгөн) шарттаган. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда ИДӨ 3,7 пайызга (2015 -жылы – 4,9 пайыз) өскөн. ИДӨ өсүшүнө экономиканын бардык негизги секторлору алгылыктуу салым кошушкан: кызмат көрсөтүүлөр (1,5 п.п.), өнөр жай (0,9 п.п.), курулуш (0,6 п.п.) жана айыл чарба (0,4 п.п.). Экономиканын өсүшүнө акча которуулардын келип түшүүлөрүнүн динамикасынын калыбына келүүсү түрткү берген, бул өлкөдө ички керектөөнүн көбөйүүсүнө да түрткү берген. Дефлятор 2,5 пайыз (2015-жылы – 3,4 пайыз) чегинде катталган.

Өнөр жай сектору 2014-2015-жылдардагы эки жылдык төмөндөөдөн кийин жыл жыйынтыгы боюнча 5,2 пайызга өскөн, бул, негизинен, баалуу металлдарды чыгаруунун (5,0 пайызга), металл кендерин казып алуунун (2,3 эсеге), тазартылган мунай продукцияларын өндүрүүнүн (44,4 пайызга) жана тамак-аш азыктарынын (16,7 пайызга) көбөйүүсүнө шартталган. Ошону менен бирге, текстиль өндүрүшүндө (12,6 пайызга), кийим өндүрүүдө (20,0 пайызга), башка металл эмес минерал продукттары (8,4 пайызга), электр энергиясы, газ, буу жана тазартылган аба менен камсыз кылуу чөйрөсүндө (3,5 пайызга) кыскаруу уланууда.

Аба ырайынын алгылыктуу шарттары жана айыл чарбасын субсидиялоо саясаты экинчи жыл катары менен бул сектордогу өсүшкө алгылыктуу таасир тийгизүүдө. Айыл чарбасындагы өсүш 3,0 пайызды (2015-жылы – 6,2 пайыз) түзгөн. Өсүш өсүмдүк өстүрүү сыяктуу эле, мал чарбачылыгы боюнча продукцияларды өндүрүүнүн артышы менен шартталган.

Курулуш сектору жыл ичинде 7,4 пайызга өскөн, бул негизги капиталга инвестициялардын көбөйүүсү (3,8 пайыз) менен коштолгон. Каралып жаткан мезгил ичинде инвестициялар ички булактардын эсебинен сыяктуу эле (1,5 пайызга), тышкы булактардын (7,1 пайыз) эсебинен да өскөн. Инвестициялардын негизги үлүшү (жалпы көлөмдүн 74,0 пайызга жакыны) пайдалуу кендерди казып алуу боюнча объекттерди курууга, электр энергиясы, газ, буу жана тазартылган аба менен камсыз кылууга, транспорт ишине жана турак-жай курулушуна багытталган.

Соода чөйрөсүндө активдүүлүктүн 7,6 пайызга артышы бүтүндөй жыл ичинде кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 3,0 пайызга өсүшүнө түрткү берген. Мында транспорт жана байланыш чөйрөсүндө кыскаруу байкалган.

**1.1.1-таблица. Иштин айрым бир түрлөрүнүн ИДӨгө салымы**
*(пайыздар)*

| | 2015-ж. | | | 2016-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмагы, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салымы, *пайыздык пункттар* | Салыштырма салмагы, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салымы, *пайыздык пункттар* |
| **ИДӨ** | **100** | **3,9** | **3,9** | **100** | **3,8** | **3,8** |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 14,1 | 6,2 | 0,9 | 13,2 | 3,0 | 0,4 |
| Өнөр жайы | 16,7 | -3,1 | -0,5 | 17,5 | 5,2 | 0,9 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 0,8 | 50,5 | 0,3 | 1,0 | 20,1 | 0,2 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 14,1 | -6,2 | -0,9 | 14,8 | 5,4 | 0,8 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 1,7 | -0,1 | -0,0 | 1,5 | -3,5 | -0,1 |
| *Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүүчү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,2 | 3,0 | 0,01 | 0,2 | 6,9 | 0,01 |
| Курулуш | 8,4 | 16,3 | 1,2 | 8,5 | 7,4 | 0,6 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 49,1 | 3,7 | 1,7 | 49,8 | 3,0 | 1,5 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 18,8 | 7,1 | 1,3 | 18,6 | 7,6 | 1,4 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 3,9 | 0,7 | 0,02 | 3,9 | -0,3 | -0,01 |
| *Маалымат жана байланыш* | 1,9 | 9,1 | 0,2 | 1,9 | 9,5 | 0,2 |
| *Мейманканалар менен ресторандардын иши* | 4,3 | 3,2 | 0,1 | 3,9 | -6,5 | -0,3 |
| *Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу* | 0,5 | 1,5 | 0,01 | 0,5 | 1,5 | 0,01 |
| *Кыймылсыз мүлк операциялары* | 2,6 | -0,8 | -0,02 | 2,6 | -1,8 | -0,05 |
| *Кесиптик, илимий жана техникалык иш* | 1,6 | -1,2 | -0,02 | 1,4 | 0,6 | 0,01 |
| *Административдик жана көмөкчү иштер* | 0,4 | 2,8 | 0,01 | 0,4 | -2,7 | -0,01 |
| *Мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздандыруу* | 5,4 | -0,0 | -0,0 | 5,6 | 0,7 | 0,04 |
| *Билим берүү* | 5,3 | 1,9 | 0,1 | 6,2 | 2,7 | 0,1 |
| *Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө* | 2,8 | 1,3 | 0,04 | 3,0 | 1,4 | 0,04 |
| *Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу* | 0,5 | -0,7 | -0,0 | 0,6 | 2,1 | 0,01 |
| *Тейлөө багытындагы башка иштер* | 1,2 | 3,6 | 0,04 | 1,2 | -2,2 | -0,03 |
| Азык-түлүктөн таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 11,8 | 3,9 | 0,5 | 11,0 | 3,8 | 0,4 |

*Булагы: КР УСК*

### *Инфляция*

Инфляция Кыргыз Республикасында отчеттук жыл ичинде төмөн деңгээлде турган, бул негизинен, тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга баа индексинин төмөндөөсү менен шартталган. Республиканын айыл чарбасында өндүрүштүн өсүшү жана импорттолуучу негизги азык-түлүк товарлардын эл аралык рынокторунда жагдайдын туруктаашы азык-түлүк товарларына сунуштун

МАЗМУНУ

кыйла жогору болушун шарттаган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-2017-жылдарга орто мөөнөттүү тарифтик саясатына ылайык электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин 2015-жылдагы деңгээлде сакталып турушу, ошондой эле курулуш материалдарына, КММга жана газга бааны төмөндөшү баа деңгээлинин да төмөндөшүнө таасирин тийгизген. 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча КБИнин орточо жылдык өсүшү 0,4 пайызды (2016-жылдын январь-декабрь айлары, 2015-жылдын январь-декабрь айларына карата) түзгөн, ал эми 2016-жылдын декабрында КБИ өткөн жылдын декабрына карата -0,5 пайыз чегинде түптөлгөн.

**1.1.1-график. Кыргыз Республикасынын КБИ динамикасы жана ФАО индекси**




*Булагы: КР УСК, www.fao.org*

Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баа динамикасынын индикатору болуп саналган, ФАО азык-түлүк баа индекси отчеттук жыл ичинде өсүш динамикасына ээ болгон, бирок анын орточо жылдык мааниси 2015-жылдагыга салыштырганда 1,5 пайызга төмөн түптөлгөн. Дан эгиндерине котировкалар түшүмдүн мол болушунан улам төмөндөгөн. Өсүмдүк майларына баа индекси жалпысынан өскөн, бирок Кыргыз Республикасынын рыногу үчүн негизги болуп саналган, күн карама майы туруктуу динамикада мүнөздөлгөн. Аба-ырайынын алгылыксыз шарттарынан улам, Бразилия жана азия өлкөлөрүндө сунуш төмөндөгөндүктөн, дүйнөлүк рыноктордо кантка баа жогорулаган, бул көбүнчө Кыргыз Республикасында аталган өнүмдү өндүрүүнүн олуттуу жогорулашы менен компенсацияланган.

### *Мамлекеттик бюджет*

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өсүшкө түрткү берүүчү бюджеттик-салык саясатын жүргүзгөн. Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 20,9 млрд сом же ИДӨгө карата 4,6 пайыз[3] (2015-жылы бюджет ИДӨгө карата 1,5 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган) чегинде түптөлгөн. Бюджет тартыштыгын жалпы каржылоо, негизинен, 19,2 млрд сом (ИДӨгө карата 4,2 пайыз) өлчөмүндө тышкы булактардын эсебинен, ал эми 7,7 млрд сом (ИДӨгө карата 1,7 пайыз) өлчөмүндө ички булактардын эсебинен жүзөгө ашырылган.

МАЗМУНУ

[3] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтарына ылайык.

**1.1.2-таблица. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин негизги параметрлери**

| | 2015-ж. янв-дек айлары | | 2016-ж. янв-дек айлары | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *ИДӨгө %* | *млрд сом* | *ИДӨгө %* |
| **Жалпы кирешелер (финансылык эмес активдерди сатууну кошо алганда)** | 128,2 | 30,3 | 130,7 | 28,5 |
| анын ичинде: операциялык иштен кирешелер | 128,1 | 30,2 | 130,6 | 28,5 |
| финансылык эмес активдерди сатуу | 0,1 | 0,0 | 0,1 | 0,0 |
| **Жалпы чыгашалар (финансылык эмес активдерди сатып алууну кошо алганда)** | 134,5 | 31,8 | 151,5 | 33,1 |
| анын ичинде: операциялык иштен чыгашалар | 105,3 | 24,8 | 115,9 | 25,3 |
| финансылык эмес активдерди сатып алуу | 29,3 | 6,9 | 35,6 | 7,8 |
| **Тартыштык (-) / Профицит (+)** | -6,3 | -1,5 | -20,9 | -4,6 |
| **Бюджетти каржылоо** | 19,4 | 4,6 | 26,9 | 5,9 |
| Тышкы каржылоо | 16,3 | 3,8 | 19,2 | 4,2 |
| Ички каржылоо | 3,1 | 0,7 | 7,7 | 1,7 |

*Булагы: КР ФМ*

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы (салык кирешелери + салыктык эмес кирешелер + расмий трансферттер) отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 95,4 пайызды түзгөн, бул салыктык эмес кирешелерди жыйноо планынын 115,7 пайызга, расмий трансферттердин – 103,0 пайызга аткарылышы менен камсыз болгон. Ал эми салык кирешелерин жыйноо планы 92,3 пайызга аткарылган. Мамлекеттик салык кызматы тарабынан салыктарды жыйноо планы 92,5 пайыз, Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан – 91,9 пайыз өлчөмүндө аткарылган. Жыл жыйынтыгы боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгү 80,0 пайызга аткарылган. Мында коргоого алынган статьяларга чыгашалар боюнча пландын аткарылышы 83,6 пайызды, коргоого алынбаган статьяларга 65,3 пайызды түзгөн.

### *Макроэкономикалык тобокелдиктер*

Экономиканын өнүгүүсү боюнча орто мөөнөттүү мезгил ичинде ишкер жигердүүлүктүн калыбына келишинин жана потенциалдуу өнүгүүгө жетүүнүн алкагында орточо өсүш болжолдонууда. 2016-жылдагы көптү үмүттөндүргөн жыйынтыктарга карабастан, мурдагыдай эле, улуттук экономиканын түзүмдүк көйгөйлөрү жана дүйнөдө ар кандай геоэкономикалык жагдайдын сакталып турушу сыяктуу макроэкономикалык тобокелдиктер да сакталып турат. Негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө экономикалык абалга көз карандылыктын жогору болушу, ошондой эле тышкы сыяктуу эле, ички суроо талаптын алгылыксыз динамикага ээ болушу өнүгүүнү кармап турган факторлордон болуп саналат.

Керектөө куржунунда азык-түлүк товарларынын жогорку үлүштө болушуна жана калайык-калктын керектөөсүндө импорттун олуттуу үлүшкө ээ болуусуна байланыштуу, баа туруктуулугу тобокелдигинин түзүмдүк фактору сакталып турат. Баа деңгээлинин олуттуу жогорулоосуна же төмөндөөсүнө айыл чарба товарларынын сунушу динамикасы түрткү бериши мүмкүн, ал аба-ырайы шарттарынын түшүмгө таасирине жана эл аралык рыноктордогу конъюнктурага көз каранды болот.

## 1.2. Финансы секторунун түзүмү

Кыргызстандын финансы секторунун институционалдык түзүмүн коммерциялык банктар жана башка финансылык институттар (банк эмес финансы-кредит мекемелери, камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык жана пенсиялык фондулар, фондулук биржалар) түзөт.

**1.2.1-таблица. Финансы секторунун институционалдык түзүмү**
*(финансылык институттардын саны)*

| Финансы институттары | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Коммерциялык банктар** | **23** | **24** | **23** | **24** | **25** |
| **Башка финансылык компаниялар, анын ичинде:** | **837** | **793** | **689** | **656** | **704** |
| ***Банктык эмес финансы-кредит мекемелери (БФКМ), анын ичинде:*** | **810** | **764** | **660** | **627** | **673** |
| Микрофинансылык уюмдар, анын ичинде: | 320 | 277 | 215 | 172 | 162 |
| микрокредиттик компаниялар | 242 | 208 | 154 | 109 | 103 |
| микрокредиттик агенттиктер | 74 | 65 | 56 | 57 | 53 |
| микрофинансылык компаниялар | 4 | 4 | 5 | 6 | 6 |
| “КСФК” ААКсы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Кредиттик союздар | 183 | 153 | 135 | 125 | 116 |
| Алмашуу бюролору | 306 | 333 | 309 | 329 | 394 |
| ***Камсыздандыруу компаниялары*** | ***16*** | ***18*** | ***17*** | ***17*** | ***19*** |
| ***Инвестициялык фонддор*** | ***8*** | ***8*** | ***9*** | ***9*** | ***9*** |
| ***Фондулук биржалар*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** | ***1*** |
| ***Пенсиялык фонддор*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** | ***2*** |

*Булагы: Улуттук банк, КР УСК*

2016-жылдын акырына карата финансы секторунун активдери 195,2 млрд сомду же ИДӨгө карата 42,6 пайызды түзүү менен өткөн жылдагыга салыштырганда 6,1 млрд сомго азайган.

Финансы секторунун чогуу алгандагы активдеринде банк секторунун үлүшү 91,2 пайыз чегинде катталган. Ал эми БФКМдердин жана башка финансылык компаниялардын үлүшүнө, тиешелүүлүгүнө жараша 7,0 пайыз жана 1,8 пайыз туура келген (1.2.1-график). Банк секторунун салыштырма салмагынын жогорулашы жана БФКМдер үлүшүнүн төмөндөшү, негизинен, “МФК Компаньон Финансылык тобу” ЖАКтын “Компаньон Банкы” ЖАКка өзгөртүп түзүлгөндүгү менен шартталган.

**1.2.1-график. Кыргызстандын финансы секторунун активдеринин институционалдык түзүмү**
*пайыздар*




*Булагы: Улуттук банк*



МАЗМУНУ

Банктардын жана БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфели 2016-жылы 104,4 млрд сомду же ИДӨгө карата 22,8 пайызды түзгөн. Банктардын финансы секторунун кредит портфелиндеги үлүшү 3,3 п.п. көбөйүп, 2016-жылдын акырына карата 89,5 пайыз (1.2.2-график) чегинде катталган.

**1.2.2-график. Кредит портфелинин түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**1.2.3-график. Финансы секторунун кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

Финансы секторунун кредит портфелинин тармактык түзүмүндө мурдагыдай эле, соода (банктар) жана айыл чарба (БФКМ) чөйрөсүндө кредит портфелинин жогорку деңгээлде топтолушу белгиленген. Кредит портфелдин экономиканын аталган тармактарында чогуу алгандагы үлүшү отчеттук жылдын акырына карата кредиттердин жалпы көлөмүндө 50,2 пайыз чегинде катталып, 52,5 млрд сомду түзгөн (1.2.3-график).

## 1.3. Финансылык рыноктордун абалы

***Жалпысынан алганда 2016-жыл ичинде ички валюта рыногунда абал туруктуу болуп, чет өлкө валютасынын алмашуу курсунун төмөндөө динамикасы менен мүнөздөлгөн. Банк секторунда ликвиддүүлүктүн өсүшүнөн улам, банктар аралык кредиттик ресурстардын наркы төмөндөө менен аларга болгон суроо-талап азайган. Ал эми мамлекеттик баалуу кагаздарга суроо-талаптын артышы казына векселдеринин жана Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн төмөндөөсүнө алып келген, ошол эле учурда казына облигациялары боюнча кирешелүүлүк, тескерисинче, салыштырмалуу жогорку деңгээлде калган.***

### *1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы*

#### *Валюта рыногу*

2016-жылы ички валюта рыногунда алмашуу курсунун динамикасы негизинен валюта рыногунда Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан буга чейин кабыл алынган чаралардын таасиринен улам түптөлгөн. Натыйжада, банк секторунун долларлашуу деңгээли отчеттук жыл ичинде тарыхий минимумга жеткен. Буга чет өлкө валютасына суроо-талаптын төмөндөшүнөн улам, сомго ички басымдын акырындап басаңдашы кошумча таасирин тийгизген.

АКШ долларынын сомго карата расмий курсу жыл ичинде 8,8 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 75,8993 сомдон 69,2301 сомго чейин төмөндөгөн.

Мурдагыдай эле, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө үчүн Улуттук банк чет өлкө валютасын сатуу сыяктуу эле, сатып алуу боюнча да валюта интервенцияларын жүргүзгөн. Улуттук банктын чет өлкө валютасын нетто-сатып алуусу жыл ичинде 29,1 млн АКШ долларына жеткен: коммерциялык банктарда валюта сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 191,9 млн АКШ долларын, сатуу боюнча – 162,7 млн АКШ долларын түзгөн.

#### *Акча рыногу*

Банк секторунда үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде болушу алкагында, банктар аралык рыногунда кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн төмөндөгөндүгү белгиленген. Бир жыл мурун жогорку суроо-талапка ээ болгон репо операциялары 2016-жылы 85,9 пайызга төмөндөө менен 4,5 млрд сомду түзгөн. Улуттук банк тарабынан берилген “овернайт” кредиттеринин көлөмү 2015-жылдагы тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 92,3 пайызга кыскаруу менен 2,0 млрд сомго чейин түшкөн.

Улуттук валютадагы банктар аралык стандарттык кредиттик бүтүмдөр боюнча бүтүмдөр көлөмү жогорулап, 1,9 млрд сомго чейин (+74,9 пайыз) өскөн.

Жыл ичинде 6,1 эсеге, 1 986,5 млрд сомго чейин жогорулаган “овернайт” депозиттеринин көлөмүнүн өсүшү ички акча рыногунда түптөлгөн конъюнктуранын дагы бир башка натыйжасы болуп саналган.

### *1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы*

МКВ боюнча аукциондор 2016-жылы республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда каралган жайгаштыруу лимитине жетишилген декабрь айын эске албаганда, ай сайын өткөрүлүп турган.

2015-жылга салыштырганда МКВлардын жарыяланган эмиссиясынын дүң көлөмү 18,7 пайызга 5,4 млрд сомго чейин төмөндөгөн. Баалуу кагаздар рыногунун бул сегментинин катышуучулары тарабынан суроо-талаптын 2,3 эсеге олуттуу көбөйүүсүн эске алганда, айкын сатуу көлөмү 2015-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 51,4 пайызга көбөйүү менен 5,7 млрд сомду түзгөн.

Ошентип, МКВлардын жүгүртүүдөгү көлөмү жыл ичинде 28,5 пайызга өсүп, 2016-жылдын

акырына карата абал боюнча 4,3 млрд сомду түзгөн. Коммерциялык банктар жалпы үлүшү 65,8 пайызды түзгөн МКВларга ээлик кылуучулардын негизги тобу болуп саналышкан, ал эми институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 33,3 пайызды, юридикалык жак-резиденттердики – 0,9 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик казына векселдерди жайгаштыруу көлөмүнүн өсүшү баалуу кагаздардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөөсү боюнча коштолгон – орточо алганда жыл ичинде МКВлардын орточо айлык кирешелүүлүгү 9,9 пайызды (-2,9 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан эмитирленген казына облигацияларынын сунушунун жалпы көлөмү 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 12,8 пайызга төмөндөө менен 6,7 млрд сомду түзгөн. Бул сегментте, мамлекеттик казына векселдер рыногундагыдай эле суроо-талаптын байкалаарлык жогорулагандыгы белгиленген, ал жыл ичинде 83,0 пайызга өскөн.

Финансы министрлиги тарабынан МКВларды кошумча жайгаштыруулар баалуу кагаздар сунушунан 19,8 пайыз артуу менен 8,0 млрд сом (2015-жылдагыга салыштырганда +52,5 пайыз) өлчөмүндө түптөлгөн сатуунун жалпы көлөмүн корректировкалаган. Натыйжада мамлекеттик казына облигациялардын жүгүртүүдөгү көлөмү отчеттук жыл ичинде 37,0 пайызга 13,7 млрд сомго чейин өскөн.

МКВлардан айырмаланып, МКОлорду сатуу 5 жылдык МКОлор боюнча 20,1 пайызга жеткен кирешелүүлүгүнүн жогорулашы алкагында өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына ылайык, 116,0 млрд сом суммасына Улуттук банктын 7 жана 14 күндүк ноталары жайгаштырууга сунушталган, бул 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 11,1 пайызга төмөн.

Улуттук банктын ноталарына суроо-талаптын 3,0 эсеге (207,8 млрд сомго чейин) көбөйүүсүнүн алкагында, сатуу көлөмү 62,3 пайызга 110,3 млрд сомго чейин өскөн. Алсак, 8 күндүк ноталарды сатуу 2015-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 10,0 эсеге көбөйүү менен 102,3 млрд сомду (+52,4 пайыз), 14 күндүктөр – 8,0 млрд сомду түзгөн.

Ноталар боюнча 2016-жылы өткөрүлгөн аукциондордун натыйжасы боюнча жалпы орточо алынган кирешелүүлүк өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 7,3 п.п. төмөндөө менен 2,6 пайыз чегинде катталган.

МАЗМУНУ

## 1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу

***Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк рыногунда 2015-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда батирлерге (изилдөөгө алынган мезгил ичинде баанын төмөндөшү 2,6 пайыздык пунктту түзгөн), ошондой эле жеке турак үйлөргө баа төмөндөгөндүгүнө байланыштуу (баа 21,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн) баа индексинин[4] төмөндөшү белгиленген.***

***Кыймылсыз мүлккө баа деңгээлинин төмөндөшү, ошондой эле орточо эмгек акы деңгээлинин жогорулашы турак жайга ээ болуу индексине алгылыктуу таасирин тийгизген, бул кыймылсыз мүлккө ээ болуу жагдайынын жакшыруусу менен мүнөздөлгөн.***

***Финансы секторуна карата кыймылсыз мүлк рыногуна мүнөздүү тобокелдиктер орточо деңгээлде сакталууда.***

2016-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда 2015-жылга салыштырганда кыймылсыз мүлккө баа индексинин төмөндөшү белгиленген (1.4.1-график, 1.4.2-график).

**1.4.1-график. Кыймылсыз мүлк рыногунда баа индексинин өсүш арымы**




*Булагы: КР МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.2-график. Кыймылсыз мүлк рыногунда базистик баа индексинин өсүш арымы***




*Булагы: КР МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*
** Базистик мезгил катары 2010-жыл алынган*

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Бишкек шаарында турак жайдын (батир) 1 чарчы метри үчүн орточо баа 10,6 пайызга төмөндөгөн, ал эми Ош шаарында өткөн жылга салыштырганда 30,1 пайызга жогорулаган (1.4.3-график). Жеке турак үйлөрдүн 1 чарчы метри үчүн орточо баа Бишкек шаарында 22,0 пайызга, ал эми Ош шаарында 17,8 пайызга төмөндөгөн (1.4.4-график).

[4] Кыймылсыз мүлккө карата баа индексин түзүүдө Ласпейрес индексинин ыкмасы колдонулган.
Жалпы алганда Ласпейрес индекси төмөнкүчө аныкталат:

$$L = \left(\sum_{i=1}^{K} QoiPti \,/\, \sum_{i=1}^{K} QoiPoi\right) * 100,$$

*мында* K = кыймылсыз мүлк түрлөрүнүн саны;
*Qoi* = *i* түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин базистик мезгил ичиндеги саны;
*Poi* = *i* түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин базистик мезгил ичиндеги баасы;
*Pti* = *i* түрүндөгү кыймылсыз мүлк объектисинин базистик мезгил ичиндеги баасы.

**1.4.3-график. Турак жайларга баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: КР МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.4-график. Жеке турак үйлөргө баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: КР МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.5-график. Турак жайды пайдаланууга берүү, курулушка жана ипотекага берилген кредиттер динамикасы**




*Булагы: КР МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*
*Эскертүү: бир мезгил ичиндеги маалыматтар*

2016-жылдын жыйынтыгы боюнча турак жай фондуларын колдонууга киргизүү көрсөткүчүнүн азайышы 2015-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,8 пайыз чегинде калыптанган (1.4.5-график). Пайдаланууга берилген турак жайдын негизги үлүшү, мурдагыдай эле, Бишкек шаарына, Чүй областына, ошондой эле Ош шаарына жана Ош областына туура келген (1.4.1-таблица).

**1.4.1-таблица. Пайдаланууга берилген турак жай аянтынын географиялык түзүмү**

| | **2015-ж.** | | **2016-ж.** | |
|---|---|---|---|---|
| | *Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр* | *Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %* | *Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр* | *Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %* |
| Бишкек шаары жана Чүй областы | 602,1 | 53,4 | 529,1 | 48,8 |
| Ош шаары жана Ош областы | 247,3 | 21,9 | 238,3 | 22,0 |
| КРнын башка областтары | 277,7 | 24,6 | 316,6 | 29,2 |
| **Бардыгы болуп** | **1127,1** | **100,0** | **1084,0** | **100,0** |

*Булагы: КР УСК*

МАЗМУНУ

Берилген ипотекалык кредиттердин жана курулушту каржылоо кредиттеринин көлөмү 6,6 млрд сомду түзгөн (1.4.6-график).

**1.4.6-график. Бир мезгил ичиндеги курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин көлөмү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: бир мезгил ичиндеги маалыматтар*

**1.4.7-график. Коммерциялык банктардын кредит портфелинде курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: бир мезгил ичиндеги маалыматтар*

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча коммерциялык банктардын ипотекага жана курулушка чогуу алгандагы кредит портфели өткөн жылдагыга салыштырганда 3,7 пайызга азаюу менен 14,1 млрд сом чегинде түптөлгөн. Мында, коммерциялык банктардын кредит портфелиндеги курулушка жана ипотекага кредиттердин жалпы салыштырма салмагы 15,1 пайызды түзгөн, бул 2015-жылдагыга караганда 0,5 пайыздык пунктка аз (1.4.7-график).

**1.4.8-график. Классификацияланган кредиттердин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Отчеттук жылдын 31-декабрына карата абал боюнча курулушка жана ипотекага классификацияланган кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 1 543,2 млн сом чегинде калыптанган (1.4.8-график). Отчеттук мезгил ичинде аталган тармактарга тиешелүү проблемалуу кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү банк секторунун жалпы проблемалуу кредиттер көлөмүнүн 18,8 пайызын түзгөн.

## 1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси

Жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында турак жай менен камсыз болуу жагдайынын 2015-жылдагыга салыштырганда бир аз жакшыргандыгы байкалган (индекс мааниси 0,8 жылга төмөндөгөн). Бул Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк рыногунда батирлерге баанын төмөндөшү менен шартталган (1.4.9-график).

**1.4.9-график. Минималдуу керектөө бюджетин эске албаганда, турак жай (батир) менен камсыз болуу индекси**




*Булагы: КР УСК, МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.10-график. Минималдуу керектөө бюджетин эске алганда, турак жай (батир) менен камсыз болуу индекси**




*Булагы: КР УСК, МКК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

2016-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда 54 чарчы метр аянтындагы батир сатып алуу үчүн бардык эмгек акыны 6,3 жыл бою топтоо зарыл эле.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда 14 383 сом минималдуу керектөө бюджетине ээ (үй-бүлөнүн чогуу алгандагы кирешесинин 49,6 пайызы) үй-бүлөгө турак жай сатып алуусу үчүн 12,5 жыл талап кылынган (1.4.10-график).

МАЗМУНУ

## 2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторуна таасирин стресс-тесттен өткөрүү[5]

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча банктардын кредит портфелинде күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлк менен камсыздалган кредиттердин үлүшүнө кредиттердин жалпы санынын 63,1 пайызы туура келген (“ФИНКА Банк” ЖАКты жана “Компаньон Банкы” ЖАКты эске албаганда).

Банк сектору үчүн кредиттик тобокелдиктер, күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлк наркынын кредит боюнча төлөө калдыгынан төмөн болушу жана карыз алуучунун аны андан ары төлөөдөн потенциалдуу түрдө баш тартуусу менен шартталган.

Стресс-тест өткөрүү[6] ссудалардын орду жабылбагандыктан келип чыгышы мүмкүн болгон жоготууга сандык баа берүүгө, ошондой эле чабал банктарды (банктык топторду) аныктоого багытталган.

**1-схема. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторунда кредиттик тобокелдик деңгээлине тийгизген таасирине жүргүзүлгөн стресс-тесттин жыйынтыктары**

| Сценарий | Банк секторунун потенциалдык жоготуулары | Ири банктардын потенциалдык жоготуулары | Капиталдын шайкештик нормативинин бузулуу тобокелдиги* |
|---|---|---|---|
| “Мурдатан калыптанган”* (кыймылсыз мүлкко баанын жыл ичинде 23% төмөндөшү) | ----- | ----- | 1 банк |
| “Альтернативалуу” (кыймылсыз мүлккө 2 жыл ичинде баанын 40% төмөндөшү) | ----- | ----- | 3 банк |
| “Терс” (кыймылсыз мүлкко баанын жыл ичинде 50% төмөндөшү) | -10,5 млрд сом | -3,8 млрд сом | 5 банк |

** 2008-жыл жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлккө баа 23 пайызга төмөндөгөн.*

Стресс-тестке кошумча кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөөсүнүн чектүү деңгээли аныкталган, мындай жагдайда банктар чыгым тартууга дуушар болушат. Кыймылсыз мүлккө баа 33 пайызга төмөндөгөн учурда – банк сектору, 32 пайызга төмөндөгөн шартта – ири банктар чыгым тарта башташат. Банк сектору, ошондой эле ири банктар тарабынан капитал шайкештиги ченемин бузууга жол берүү тобокелдиги – кыймылсыз мүлккө баанын тиешелүүлүгүнө жараша 57 пайызга жана 60 пайызга төмөндөшүнөн улам келип чыгат.



[5] Стресс-тест 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча коммерциялык банктардан сурамжылоо аркылуу алынган маалыматтын негизинде өткөрүлгөн.

[6] Коммерциялык банктарды сурамжылоо аркылуу алынган маалымат боюнча.

**2-схема. 2016-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча өткөрүлгөн стресс-тест жыйынтыгына салыштырма талдап-иликтөө жүргүзүү**

| | *2016-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча стресс-тест* | *2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча стресс-тест* |
|---|---|---|
| **Банк сектору** | 1-сценарий: ---------<br>2-сценарий: -0,6 млрд сом<br>3-сценарий: -17,7 млрд сом | 1-сценарий: ---------<br>2-сценарий: ---------<br>3-сценарий: -10,5 млрд сом |
| **Ири банктар** | 1 жана 2-сценарийлер: -----------<br>3-сценарий: -7,4 млрд сом | 1 жана 2-сценарийлер: -----------<br>3-сценарий: -3,8 млрд сом |
| Баа төмөндөгөн учурда кредиттик тобокелдикке дуушарланышы ыктымал болгон банктар | *5 банк* | *6 банк* |
| Кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү деңгээли | *банк сектору боюнча:* ***31%*** | *банк сектору боюнча:* ***33%*** |
| Капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдиги келип чыгышы ыктымал болгон баанын төмөндөө деңгээли | *банк сектору боюнча:* ***48%*** | *банк сектору боюнча:* ***57%*** |

Стресс-тест боюнча эсептөөлөрдө банк саясаты эске алынган эмес, ага ылайык банктар күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктү баалоо наркын күрөөнүн рыноктук баасынын 20 пайызына чейинки суммага төмөндөтүшү мүмкүн. Ушуну эске алганда, кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү мааниси 20 пайызга жогорулашы ыктымал.

# II. БАНК СЕКТОРУ

***2016-жылы банк секторунун өнүгүшү өзгөрүп турган тышкы чөйрөгө ыңгайлашуусу менен мүнөздөлгөн, бул банк секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымдарына таасир эткен. Банк секторунун милдеттенмелеринин, кредит портфелинин жана таза пайдасынын бир төмөндөөсүнүн алкагында активдердин өсүшү жана кредиттердин диверсификациясы байкалган.***

***Бүтүндөй алганда стресс-тестирлөөнүн натыйжалары банк секторунда орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктердин орточо деңгээлин көрсөтүп турат.***

## 2.1. Негизги тенденциялар

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча[7] Кыргыз Республикасынын аймагында 25 коммерциялык банк (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) жана алардын 324 филиалы, анын ичинде 50 пайыздан жогору өлчөмдөгү чет өлкөнүн катышуусу менен 12 банкты кошо алганда, капиталында чет өлкөнүн катышуусу менен 17 банк иш алып барган. Республиканын бардык банк мекемелери өз ишкердиги боюнча универсалдуу болуп саналат.

2016-жылы "Компаньон Финансылык тобу МФК" ЖАК[8] "Компаньон Банкы" ЖАКка кайра өзгөртүп түзүлгөн жана банктык операцияларды жүргүзүүгө жаңы лицензия берилген.

### *Активдер*

Бүтүндөй алганда отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча банк секторунун активдеринин көлөмүнүн өсүшү белгиленген. 2016-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун активдери 2015-жылга салыштырганда 0,1 пайызга көбөйүү менен 178,2 млрд сом чегинде катталган (2.1.1-график).

**2.1.1-график. Банк секторунун активдеринин динамикасы**




Активдердин өсүшү негизинен:

- баалуу кагаздардын 62,5 пайызга же 5,0 млрд сомго;

- ошондой эле башка активдердин 36,6 пайызга же 5,7 млрд сомго көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалган.

Активдер түзүмүндөгү кредит портфелинин салыштырма салмагы 2015-жылга салыштырганда 0,3 пайыздык пунктка кыскаруу менен 52,5 пайызды түзгөн.

[7] Маалыматтар коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна ылайык келтирилген.
[8] 2016-жылдын 11-январында "Компаньон Банкы" ЖАКка Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 7-октябрындагы №61/1 токтомунун негизинде, улуттук жана чет өлкө валюталарында банктык операцияларды жүргүзүүгө тиешелүүлүгүнө жараша №053 жана №053/1 лицензиялар берилген.

### *Кредит портфели*

Банктардын кредит портфелинин 2016-жылы төмөндөшү, негизинен соода тармагын кредиттөө жана ипотекалык кредиттөө көлөмүн төмөндөтүүгө байланыштуу жүргөн.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2015-жылга салыштырганда 10,5 пайыздык пунктка азайып, 44,5 пайызды түзгөн (2.1.2-график).

**2.1.2-график. Банк секторунун кредит портфелинин динамикасы**
*млрд сом*




**2.1.3-график. Кредит портфелинин мөөнөттүүлүк боюнча түзүмү**
*млрд сом*




** ФКМге берилген кредиттерди жана атайы РППУну эске албаганда*

Мөөнөттүүлүк боюнча кредит портфелинин түзүмүндө негизги үлүш 1 жылдан 3 жылга чейинки орто мөөнөттүү кредиттерге туура келип, 2016-жыл жыйынтыгы боюнча 45,3 пайызды же 42,3 млрд сомду түзгөн (2.1.3-график).

### *Милдеттенмелер*

2016-жыл жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк секторунун милдеттенмелери 2015-жылга салыштырганда 1,5 пайызга кыскаруу менен 149,6 млрд сомду түзгөн.

Жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканаларынын депозиттери 2016-жыл жыйынтыгы боюнча 9,7 пайызга көбөйүп, 98,0 млрд сомду түзгөн (2.1.4-график). Банктын милдеттенмелериндеги жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин салыштырма салмагы 6,7 пайыздык пунктка көбөйүп, 65,5 пайызды түзгөн.

Тартылган каражаттардын жалпы көлөмүндө чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер үлүшү 13,9 пайыздык пунктка азайып, 49,0 пайызды же 73,2 млрд сомду түзгөн (2.1.5-график).

**2.1.4-график. Банктардын милдеттенмелеринин ресурстар булагы боюнча түзүмү**
*млрд сом*




**2.1.5-график. Банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери**
*млрд сом*




### *Финансылык натыйжалар*

2016-жыл жыйынтыгы боюнча 2015-жылга салыштырганда рентабелдүүлүк[9] көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү белгиленген:

- ROA 0,5 пайызды түзгөн;
- ROE 3,4 пайыз деңгээлде түптөлгөн.

Банк секторунун таза пайдасы 893,5 млн сомду түзгөн.

### *Капитал шайкештиги*

**2.1.6-график. Капиталдын шайкештиги коэффициенттеринин динамикасы**
*пайыздар*




Капиталдын шайкештик ченеминин 12 пайыз деңгээлде белгиленген минималдуу маанисинде мындай көрсөткүч 2016-жыл жыйынтыгы боюнча 2015-жылга салыштырганда 2,3 пайыздык пунктка көбөйүү менен 24,7 пайыз деңгээлде түптөлгөн (2.1.6-график).

Капитал шайкештигинин көбөйүүсү таза суммардык капиталдын алдыга озгон өсүш арымдарынан (+7,8 пайыз) жана тобокелдик жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган активдердин төмөндөөсүнөн (-2,2 пайыз) улам жүргөн.

Мында, 2016-жыл жыйынтыгы боюнча түптөлгөн бүтүндөй банк секторунун капитал шайкештигинин айкын деңгээли тобокелдүү жана кирешелүү активдер көлөмүн капитал шайкештигинин белгиленген нормативдик деңгээлин так сактоо менен 2,1 эсеге кошумча көбөйтүүгө мүмкүн кылат.

Жогоруда белгиленгендер банк секторунун терс таасирлерге туруштук берүүгө жөндөмдүү, ошондой эле келечекте финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатуу жана банк секторунун натыйжалуу иштеши үчүн белгилүү бир потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

[9] ROA жана ROE көрсөткүчтөрү жылдык мааниде берилген.

## 2.2. Банк секторунда орун алган тобокелдиктер

### *2.2.1. Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишинде орун алуучу негизги тобокелдиктердин бири.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун кредит портфелинин көлөмүнүн 2015-жылган салыштырганда бир аз төмөндөөсү байкалган (2.2.1-график). Банктардын кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү 2015-жылга салыштырганда 7,1 пайыздан 8,8 пайызга чейин көбөйгөн (2.2.2-график).

**2.2.1-график. Кредит портфелинин динамикасы**
*млн сом*




**2.2.2-график. Кредит портфелинин сапаты**




Коммерциялык банктардын кредит портфелинин сапатына баа берүү үчүн кредиттерди классификациялоо системасы[10] пайдаланылат, ал кайтарылбай калган кредиттерден улам келип чыгышы ыктымал болгон потенциалдуу чыгымдар деңгээлин аныктоого жана аларды өз убагында тиешелүү камдарды түзүү аркылуу компенсациялоого мүмкүнчүлүк берет (2.2.3-график).

Кароого алынган жыл жыйынтыгы боюнча активдердин кайтарылбай калышы тобокелдигинин көрсөткүчү (атайы РППУ менен кредит портфелинин катышы) 5,0 деңгээлинде катталган.

[10] Кредит портфелинин сапатына баа берүү максатында, кардардын банк алдында өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жараша бардык кредиттерди алты категорияга бөлүү каралган (классификациялардын начарлоосу боюнча): нормалдуу, канааттандырарлык, байкоого алынган, субстандарттык, шектүү жана жоготуулар. Берилген каражаттардын кайтарылып берилиши көз карашынан кыйла алгылыксыз мүнөздөмөгө ээ акыркы үч категориядагы кредиттерди "иштебеген" же "классификацияланган" кредиттерге кошуу кабыл алынган. Көрсөтүлгөн ар бир алты категориянын ичинен банк бул категорияга ылайык келген берилген кредиттердин суммасынан пайыз катары аныкталган кам түзүүгө милдеттүү.

**2.2.3-график. Кредит портфелинин сапаттык көрсөткүчү**
*пайыздар*




Коммерциялык банктар тарабынан түзүлгөн камдардын чогуу алгандагы көлөмү жалпы кредит портфелинин 7,6 пайызын түзгөн (2015-жылдын 31-декабрына карата бул көрсөткүч 6,3 пайызды түзгөн). Мында, 2016-жылдын 31-декабрына карата атайы РППУ үлүшү камдардын жалпы көлөмүнүн 34,8 пайызын түзгөн (2.2.4-график).

**2.2.4-график. Жалпы жана атайын камдар**
*млн сом*




**2.2.5-график. Экономиканын тармактары боюнча классификацияланган кредиттер көлөмү**
*млн сом*




2016-жылдын 31-декабрынын акырына карата кредиттик тобокелдиктердин кыйла жогору концентрацияланиуусу экономиканын соода тармагында байкалган (2.2.5-график).

МАЗМУНУ

## *Орто жана ири ишканалардын финансылык абалы*

**2.2.6-график. Ишканалардын финансылык-чарбалык ишинин натыйжалары**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

2015-жылга салыштырганда 2016-жыл жыйынтыгы боюнча, бүтүндөй алганда корпоративдик сектордун карызынын өсүш тенденциясынын сакталып турушунун алкагында ишканалардын баланстык пайдасынын жана рентабелдүүлүгүнүн көбөйүүсү белгиленген.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча корпоративдик сектордун ишканаларынын төмөнкүдөй финансылык натыйжалары белгиленген (2.2.6-график):

- дүң киреше 11,1 пайызга көбөйүп, 268,6 млрд сомду түзгөн;
- дүң чыгаша 10,3 пайызга көбөйүп, 249,8 млрд сом көлөмүндө түптөлгөн;
- баланстык пайда 28,1 млрд сом өлчөмүндө калыптанган;
- ишканалардын иш рентабелдүүлүгү 11,2 пайызды түзгөн.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча корпоративдик сектордун ишканаларынын дүң карызы 2015-жылга салыштырганда 17,2 пайызга өсүп, 402,2 млрд сомду же ИДӨгө карата 87,8 пайыз чегинде катталган.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча корпоративдик сектордун *тышкы карызы* 2015-жылга салыштырганда 27,2 пайызга өсүп, *328,5 млрд сом өлчөмүндө же ИДӨгө карата 71,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн* (2.2.7 жана 2.2.8-графиктери).

2016-жыл жыйынтыгы боюнча корпоративдик сектордун ишканаларынын *ички карызы* өткөн жылга салыштырганда 13,1 пайызга төмөндөп, 73,7 млрд сомду жана ИДӨгө карата 16,1 пайызды түзгөн.

МАЗМУНУ

**2.2.7-график. Корпоративдик сектордун тышкы жана ички карызынын динамикасы**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**2.2.8-график. Корпоративдик сектордун карыз туруктуулугунун көрсөткүчтөрү**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

### *Корпоративдик сектордун ишкердик жигердүүлүгү*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде корпоративдик сектордун ишкердик жигердүүлүгүнүн бир аз басаңдашы байкалган. Атап айтканда, убактылуу иштебеген (токтоп турган) ишканалардын саны (2015-жылга салыштырганда 5,5 пайызга), ошондой эле кайрадан түзүлгөн ишканалардын саны (2015-жылга салыштырганда 3,0 пайызга) көбөйгөн.

**2.2.9-график. Корпоративдик сектордун иш жигердүүлүгү**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

МАЗМУНУ

### *Үй чарбаларынын финансылык абалы[11]*

Үй чарбаларынын финансылык туруктуулугу көрсөткүчтөрүнүн бир аз жакшырыуусу байкалган, бул калктын финансы секторунун алдындагы карызынын өсүш арымынын алардын кирешелеринин өсүш арымынан алда-канча артышы менен шартталган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча карыз туруктуулугу көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшү белгиленген (2.2.10-график). 2016-жылдын 31-декабрына карата үй чарбалардын карызынын ИДӨгө карата катышы 2015-жылга салыштырганда 18,0 пайыздан 16,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

**2.2.10-график. Үй чарбаларынын финансылык туруктуулугунун көрсөткүчтөрү**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**2.2.11-график. Калктын финансылык туруктуулугу теңдеминин факторлору**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

[11] Улуттук статистика комитетинин үй чарбаларына тандап изилдөөнүн негизинде алынган расмий статистикалык маалыматтарына ылайык.

**2.2.12-график. Үй чарбаларынын киреше булактары боюнча түзүмү**




*Булагы: КР УСК жана Улуттук банк*

2016-жыл жыйынтыгы боюнча акча которуулар үлүшү калктын дүң кирешелеринин 7,9 пайыздык пунктка 44,9 пайызга чейин көбөйүшү белгиленген (2.2.12-график). Мында, эмгек мигранттардын акча которуулары мурдагыдай эле үй чарба кирешелеринин маанилүү булагы бойдон калган.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча үй чарба кирешелеринин түзүмүндө негизги үлүштү эмгектенүү ишкердигине туура келген, алар калктын дүң кирешелеринин 67,8 пайызын түзгөн (2.2.13-график).

Үй чарба кирешелеринин түзүмүндө негизги үлүштү керектөө ээлеген (2.2.14-график), бул жыйымдардын жана инвестициялык максаттарга чыгашалардын өсүшүн чектеген.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча чогуу алгандагы чыгашалардын 86,3 пайызын түзгөн керектөө чыгашаларынын жогорку үлүшү финансылык келип түшүүлөр кыскарган учурда өз милдеттенмелерин аткаруу жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизиши мүмкүн.

**2.2.13-график. Үй чарбалардын киреше түзүмү**




*Булагы: КР УСК*

**2.2.14-график. Үй чарбалардын чыгашалар түзүмү**




*Булагы: КР УСК*

## 3-кыстырма. Коммерциялык банктардын кардарларына жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыктары

2016-жыл жыйынтыгы боюнча карыз алуучуларга берилген кредиттердин олуттуу бөлүгү (карыз алуучулардын кредиттеринин чогуу алгандагы көлөмүнүн 60,4 пайызы) мурдагыдай эле экономиканын өндүрүштүк секторунда[12] топтолгон, бул банк секторунун өлкөнүн ИДӨсүн түптөөдө катышуусу тууралуу айтып турат жана берилген кредиттердин 1/10дон көп бөлүгү (12,5 пайыз) импортту каржылоого багытталган (2.2.16-график).

**2.2.15-график. 2015-жылдын 31-декабрына карата кредиттердин тармактык түзүмү**




**2.2.16-график. 2016-жылдын 31-декабрына карата кредиттердин тармактык түзүмү**




Жергиликтүү банктардын кредит портфелинин 76,9 пайызы өндүрүш секторуна (ИДӨ) жана 8,8 пайызы – импортту каржылоого багытталган. Чет өлкө банктар да негизинен, экономиканын өндүрүштүк секторун кредиттөөдө (47,9 пайызы), ал эми импортту каржылоого багытталган кредиттердин үлүшү кароого алынган мезгил ичинде кредит портфелинин 15,2 пайызын түзгөн (2.2.17-график).

**2.2.17-график. 2016-жылдын 31-декабрына карата банктардын топтору жана менчик формалары боюнча кредиттердин тармактык түзүмү**







*Булагы: Коммерциялык банктар ишке ашырган сурамжылоолордон алынган маалыматтар*

[12] Өндүрүштүк сектор дегенден улам, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү (курулуш, байланыш жана ТТС кызмат көрсөтүүлөрү, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, кыймылсыз мүлктү ижарага алуу, мейманканалар, тойканалар ж.б.у.с.) түшүнүлөт.

**4-кыстырма. Коммерциялык банктардын кардарларын DTI жана LTV боюнча изилдөөнүн натыйжалары**

*Карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгү*

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча DTI көрсөткүчү менен эсептелген банктардын 15 ири кардарларынын карыздык милдеттеринин деңгээли 8,3 пайызды түзгөн.

**2.2.18-график. Банктардын 15 ири карыз алуучу боюнча DTI деңгээли**




Банктардын топтору боюнча алганда көбүрөөк карыздык милдет орто банктардын ири карыз алуучуларында экендиги байкалган (карыз алуучулардын негизги кирешелеринин 9,2 пайызы) (2.2.1-таблица). Ошол эле учурда азыраак карыздык милдет деңгээли чакан банктардын ири карыз алуучуларында экендиги белгиленген.

**2.2.1-таблица. Банк кардарларынын 2016-жылдагы карыз оорчулугу***

| | Банк сектору | Ири банктар | Орто банктар | Чакан банктар |
|---|---|---|---|---|
| Кредит боюнча карыздардын калдыгы, *млн сом* | 21 067,9 | 11 079,5 | 5 526,5 | 4 462,0 |
| 15 ири карыз алуучу кредиттеринин салыштырма салмагы банк секторунун кредиттик портфелинин жалпы көлөмүндө, *пайыздарда* | 22,6% | 22,7% | 17,7% | 34,0% |
| Кредит боюнча карыздарды тейлөө чыгашаларынын карызгерлердин жалпы кирешесине болгон катышы, *пайыздарда* | 8,3% | 8,1% | 9,2% | 7,6% |

*Булагы: Коммерциялык банктардын маалыматтары, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

** Ар бир коммерциялык банктардын 15 ири карызгеринен маалыматтар*

Чет өлкө банктарындагы карыздык милдет деңгээли жергиликтүү банктарга караганда жогору болгон (2.2.2-таблица).

**2.2.2-таблица. 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү жана чет өлкө банктарындагы карыз оорчулугу**

| | Ата мекендик банктар | Чет өлкөлүк банктар |
|---|---|---|
| Кредит боюнча карыздардын калдыгы, *млн сом* | 6 591,6 | 14 476,4 |
| 15 ири карыз алуучу кредиттеринин салыштырма салмагы банк секторунун кредиттик портфелинин жалпы көлөмүндө, *пайыздарда* | 16,3% | 27,4% |
| Кредит боюнча карыздарды тейлөө чыгашаларынын карызгерлердин жалпы кирешесине болгон катышы, *пайыздарда* | 7,8% | 8,5% |

*Булагы: Коммерциялык банктардын маалыматтары, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

** Ар бир коммерциялык банктардын 15 ири карызгеринен маалыматтар*

МАЗМУНУ

*Карыз алуучулардын кредиттеринин камсыздалышы*

2016-жыл жыйынтыгында банк сектору боюнча LTV айкын деңгээли 48,8 пайызды түзгөн. Күрөөлүк камсыздоонун түптөлгөн деңгээли кредиттик каражаттардын күрөөлүк мүлк менен камсыздалышынын салыштырмалуу жогорку деңгээлин көрсөтүп турат (2.2.19-график).

**2.2.19-график. Банк секторунун бардык карыз алуучулары боюнча LTV деңгээли**




**2.2.20-график. Банк секторунун 15 ири карыз алуучу боюнча LTV деңгээли**




Мында, чакан банктардын LTV мааниси ири жана орто банктарга жана бүтүндөй банк секторуна салыштырмалуу жогору экендиги катталган (2.2.21-график).

**2.2.21-график. 2016-жылындагы банктар топтору боюнча бардык карыз алуучулар боюнча LTV деңгээли**




**2.2.22-график. 2016-жылдыгындагы банктар топтору боюнча 15 ири карыз алуучу боюнча LTV деңгээли**



### *2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Калктын банк секторуна ишеними банктардын милдеттенмелерди өз убагында аткаруусуна жараша болот, бул алардын жетиштүү деңгээлдеги ликвиддүүлүккө ээ экендигин түшүндүрөт. Жөнгө салуу максатында ликвиддүүлүк тобокелдигине күндөлүк ликвиддүүлүктүн экономикалык ченеминин жардамы менен баа берилет[13].

2016-жыл жыйынтыгы боюнча күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициентинин 77,8 пайыздан (2015-жыл жыйынтыгы боюнча) 75,4 пайызга чейин төмөндөшү белгиленген (2.2.23-график).

**2.2.23-график. Банк секторунун ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрү**




**2.2.24-график. Акча массасынын (М2) жана акча базасынын өсүш арымы**
*пайыздар*




Банк секторунун ликвиддүүлүк коэффициентинин төмөндөшү күндөлүк милдеттенмелердин өсүш арымынын ликвиддүү активдердин өсүш арымынан артышы менен шартталган.

Отчеттук мезгил ичинде банктардын 1 жылга чейинки кыска мөөнөттүү финансылык милдеттенмелеринин өсүш арымынын кыска мөөнөттүү финансылык активдер көлөмүнүн өсүш арымынан алдыга озушу белгиленген. Натыйжада, аталган динамика банктардын финансылык активдери менен финансылык милдеттенмелеринин ортосундагы терс ажырымынын көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн (2.2.3-таблица).

МАЗМУНУ

[13] *Күндөлүк ликвиддүүлүктүн экономикалык ченеми* – банк тарабынан милдеттүү аткарылууга тийиш болгон Улуттук банк тарабынан белгиленген ченемдердин бири, ага ылайык ликвиддүү активдер (бул көрсөткүчтү эсептөө үчүн өзүнө банктардын кассаларындагы жана корреспонденттик эсептериндеги каражаттарын камтыган) кыска мөөнөттүү милдеттенмелердин кеминде 45 пайыз деңгээлинде болууга тийиш.

## 2.2.3-таблица. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү боюнча[14] кумулятивдик ажырым[15]

*2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча, млн сом[16]*

| Бардыгы болуп | талап боюнча төлөнүүчү | 1 айга чейин | 3 айга чейин | 1 жылга чейин | 3 жылга чейин | бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп финансылык активдер | 44 694 | 68 831 | 78 040 | 106 345 | 184 089 | 184 089 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттенмелер | 67 695 | 74 713 | 84 610 | 118 153 | 145 704 | 145 704 |
| Ажырым (ГЭП интервалы) | -23 001 | -5 882 | -6 569 | -11 809 | 38 385 | 38 385 |
| Активдерден % ажырым | -12,5% | -3,2% | -3,6% | -6,4% | 20,9% | 20,9% |
| ТСКдан % ажырым | -80,6% | -20,6% | -23,0% | -41,4% | 134,6% | 134,6% |

| Чет өлкө валютасында | талап боюнча төлөнүүчү | 1 айга чейин | 3 айга чейин | 1 жылга чейин | 3 жылга чейин | бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп финансылык активдер | 22 002 | 33 746 | 37 249 | 48 231 | 82 941 | 82 941 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттенмелер | 35 356 | 39 001 | 42 424 | 58 982 | 71 852 | 71 852 |
| Ажырым (ГЭП интервалы) | -13 354 | -5 256 | -5 175 | -10 752 | 11 088 | 11 088 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерден % ажырым | -16,1% | -6,3% | -6,2% | -13,0% | 13,4% | 13,4% |
| ТСКдан % ажырым | -46,8% | -18,4% | -18,1% | -37,7% | 38,9% | 38,9% |

| Улуттук валютада | талап боюнча төлөнүүчү | 1 айга чейин | 3 айга чейин | 1 жылга чейин | 3 жылга чейин | бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп финансылык активдер | 22 692 | 35 085 | 40 792 | 58 114 | 101 148 | 101 148 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттенмелер | 32 339 | 35 712 | 42 186 | 59 171 | 73 852 | 73 852 |
| Ажырым (ГЭП интервалы) | -9 647 | -626 | -1 394 | -1 057 | 27 296 | 27 296 |
| Улуттук валютадагы активдерден % ажырым | -9,5% | -0,6% | -1,4% | -1,0% | 27,0% | 27,0% |
| ТСКдан % ажырым | -33,8% | -2,2% | -4,9% | -3,7% | 95,7% | 95,7% |

## 2.2.4-таблица. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү

*2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча, млн сом*

| Аталышы | Төлөө мөөнөтү | | | | | бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 айга чейин | 1- 3 ай | 3-6 ай | 6-12 ай | 12 айдан жогору | |
| Бардыгы болуп финансылык активдер | 68 831 | 9 209 | 9 966 | 18 339 | 77 744 | 184 089 |
| анын ичинде кардарларга кредиттер жана финансылык ижара | 4 373 | 5 204 | 7 428 | 13 149 | 63 079 | 93 232 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттен-мелер | 74 713 | 9 896 | 15 076 | 18 468 | 27 551 | 145 704 |
| анын ичинде жеке адамдардын депозитте-ри жана юридикалык жактардын мөөнөт-түү депозиттери | 28 348 | 4 765 | 8 537 | 11 102 | 9 707 | 62 459 |
| Ажырым | -5 882 | -687 | -5 110 | -130 | 50 194 | 38 385 |
| анын ичинде кредиттер жана депозиттер боюнча | -23 976 | 439 | -1 109 | 2 047 | 53 372 | 30 774 |

МАЗМУНУ

[14] Маалыматтар мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун 12-бөлүгүн негизинде келтирилген.
[15] *Кумулятивдик ажырым* – мөөнөттүүлүктүн ар бир диапазону үчүн бааланган төлөөгө жөндөмдүүлүктү колдоого багытта-лышы ыктымал болгон сарптоолордун суммасы.
[16] Маалыматтар кредиттер жана финансылык ижара боюнча атайы РППУну, ошондой эле активдердин бардык тиешелүү түр-лөрү боюнча дисконтту эске алуу менен көрсөтүлгөн.

### *2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги*

#### *Ири каржылоо булактарынын концентрациялануусу*

Кайтарым стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча айрым банктар бирден бешке чейин ири каржылоо булактарынын[17] агылып чыгуусуна байланыштуу таасирлерге туруштук бере алышкан эмес (ликвиддүүлүк ченеми 45 пайыздык чектүү деңгээлден төмөн болот).

#### *Кредиттердин концентрациялануусу*

Айрым банктарда бирден бешке чейинки ири карыз алуучулардын[18] потенциалдуу дефолтко дуушарлануусу регулятивдик капиталды Улуттук банктын экономикалык ченеминен да төмөндөшү мүмкүн.

**2.2.25-график. Кредит портфелинин тармактык концентрацияланышы**




Кредит портфелинин тармактык түзүмүндө айыл чарба тармагын кредиттөө көлөмүн көбөйтүүнүн алкагында соодага кредиттердин концентрациялануу деңгээлинин орточо төмөндөөсү байкалган. 2016-жыл жыйынтыгы боюнча соода кредиттердин үлүшү 33,8 пайыздан 30,5 пайызга чейин төмөндөгөн (2.2.25-график).

### *2.2.4. Валюта тобокелдиги*

2016-жыл жыйынтыгы боюнча банк секторунун *тике валюта тобокелдиги* орточо деңгээлде орун алган.

**2.2.26. USD/KGS номиналдык алмашуу курсунун динамикасы**




Бүтүндөй алганда, банктар активдердин жана милдеттенмелердин ачык валюта позицияларын Улуттук банк белгилеген экономикалык ченемдердин чегинде кармап турган.

Банк секторунун валюта позициясына кайра баа берүүдө орун алышы ыктымал болгон тобокелдик минималдуу деңгээлде катталган (VaR: таза суммардык капиталдан 0,1–1,1 пайыз, 2.2.27-график).



[17] Ири каржылоо булактары дегенден улам, кредиторлордун жана аманатчылардын каражаттары (алынган кредиттер, эсептешүү эсептери, талап боюнча төлөнүүчү депозиттер жана мөөнөттүү депозиттер) түшүнүлөт.

[18] Мында, банктын беш ири карыз алуучусунун жалпы карызын түшүнөбүз.

**2.2.27-график. Ачык валюта позициясынын (ОВП) жана кайра баалоо тобокелдигинин динамикасы (VaR)**
*таза суммардык капиталдан пайыздарда*




**2.2.28-график. Банктардын валюталык позициясы**
*бирдиктерде*




**5-кыстырма. Кыйыр валюта тобокелдиги аркылуу кредиттик тобокелдик**

2016-жылдын акырына карата абал боюнча кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 28,3 пайызы алар боюнча ордун жабуу чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн кредиттер түзгөн, мында карыз алуучулардын кирешелери улуттук валютада топтоштурулган (2.2.29-график). Кредит портфелинин ушул көлөмү валюта тобокелдигинин таасири аркылуу кредиттик тобокелдикке потенциалдуу дуушарлануусу мүмкүн (кыйыр валюта тобокелдиги).

Валюта тобокелдигинин кредиттик тобокелдикке таасирин кыйыр тастыктоосу 2.2.30-графикте көрсөтүлгөн, анда кредиттер тобу боюнча алганда классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган:

- 1-топ – 15,7 пайыз, карыз алуучунун негизги кирешелери улуттук валютада топтоштурулат, ал эми кредиттердин орду чет өлкө валютасында жабылат;
- 2-топ – 6,6 пайыз, карыз алуучу тарабынан бирдиктүү валютада төлөнүүгө тийиш болгон негизги кирешелер жана кредиттер;
- 3-топ – 6,4 пайыз, карыз алуучунун негизги кирешелери чет өлкө валютасында топтоштурулат, ал эми кредиттердин орду улуттук валютада жабылат.

**2.2.29-график. Кредиттер тобу боюнча кредит портфели***




**2.2.30-график. Классификацияланган кредиттердин кредиттер тобу боюнча үлүшү***




* *Булагы: ПРБОнун 37-бөлүгү*

МАЗМУНУ

### *2.2.5. Пайыздык тобокелдик*

2016-жылдын жыйынтыгы боюнча *пайыздык тобокелдиктин* орточо деңгээлде болушу байкалган.

**2.2.31-график. Пайыздык тобокелдик динамикасы (VaR)**
*ТСКдан пайыздарда*




Пайыздык тобокелдиктин (VaR) таза суммардык капиталдан 2,2 пайыздан 2,0 пайызга чейин бир аз төмөндөөсү пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө ийкемдүү келген финансылык активдер менен милдеттенмелер ортосунда ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча ажырымдын кыскарышы менен шартталган.

2011-2016-жылдар аралыгында пайыздык тобокелдиктин орточо өлчөмү жол берилген (таза суммардык капиталдан 2-4 пайыз) чекте болгон.

**2.2.32-график. Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттеринин орточо салмактанып алынган пайыздык чендеринин динамикасы**
*пайыздар*




**2.2.33-график. Пайыздык тобокелдикке дуушар болгон активдердин жана милдеттенмелердин кумулятивдик ажырымы**






### *2.2.6. "Дуушарлануу" тобокелдиги*

Банктар аралык кредиттөөдө орун алышы ыктымал болгон "дуушарлануу" тобокелдигине баа берүү мындай талдап-иликтөөнүн максаты болуп саналат, ал ликвиддүүлүккө тиешелүү көйгөйлөр келип чыккан шартта, бири-бирине терс таасир тийгизиши мүмкүн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча банктар аралык рынокто банктар-резиденттер тарабынан түзүлгөн бүтүмдөрдүн көлөмү 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 81,8 пайызга төмөндөө менен 6,4 млрд сомду[19] түзгөн.

[19] Мында 2016-жыл ичинде банк-резиденттер ортосунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүн түшүнүүгө болот.

**2.2.34-график. 2016-жыл ичинде банктар-резиденттер ортосунда келишилген банктар аралык кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмүн күрөөлүк камсыздоого жараша бөлүштүрүү**
*пайыздарда*




Кыргызстандын банк секторунда банктар аралык рыноктогу кредиттердин орду негизинен жогорку ликвиддүү мамлекеттик баалуу кагаздар же чет өлкө валютасы түрүндөгү күрөөлүк камсыздоо менен жабылат (2.2.34-график). Жыл жыйынтыгы боюнча күрөөлүк камсыздоосуз түзүлгөн банктар аралык кредиттердин үлүшүнө 6,2 пайыз гана туура келген.

Жалпысынан, өлкөнүн банктар аралык кредит рыногунда "дуушарлануу" тобокелдигинин келип чыгуу ыктымалдыгы минималдуу, бул жогорку ликвиддүү күрөөлүк камсыздоо жана бүтүмдөрдүн көлөмүнүн анчалык болбошу менен шартталган.

### *2.2.6. Өлкөлүк тобокелдик*[20]

Резидент эместерде жайгаштырылган активдердин көлөмү жалпысынан 24,3 млрд сомду же банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 13,2 пайызын түзгөн. Жайгаштыруулардын көбүрөөк концентрацияланышы – Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 6,1 пайызы (11,3 млрд сом) Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн аймагында байкалган.

**2.2.35-график. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча активдердин географиялык түзүмү**




Чет өлкөдө жайгаштырылган активдердин негизги үлүшү корреспонденттик жана депозиттик эсептерде 22,8 млрд сом өлчөмүндө же резидент эместерде жайгаштырылган активдердин жалпы көлөмүндө 93,6 пайызга топтолгон.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктарынын резидент эместер алдындагы милдеттенмелери 24,3 млрд сомду же банк секторунун милдеттенмелеринин жалпы көлөмүнүн 16,7 пайызын түзгөн. Бул ресурстардын негизги үлүшү резидент эмес банктардан кредиттер жана депозиттер түрүндө 22,1 млрд сом же резидент эместер алдындагы милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 90,8 пайызы өлчөмүндө тартылган.

[20] Маалыматтар Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун (ПРБО) 1-бөлүгүнө негизденген.

**2.2.36-график. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча милдеттенмелердин географиялык түзүмү**




**2.2.37-график. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча уставдык капиталдардын географиялык түзүмү**




Жыл жыйынтыгы боюнча чет өлкө капиталы 8,3 млрд сомду же банк секторунун уставдык капиталынын жалпы көлөмүнүн 44,0 пайызын түзгөн.

МАЗМУНУ

## 2.3. Банк секторуна “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү

### *2.3.1. Кредиттик тобокелдике “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү[21]*

Кредиттик тобокелдикти “кайтарым” стресс-тестирлөө аркылуу кредит портфелде “классификацияланбаган” кредиттердин[22] жол берилген максималдуу үлүшү эсептелген, ал “классификацияланган” категорияга өтүүдө КДКны 12 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөтүшү мүмкүн.

Бул ыкма, “классификацияланбаган” кредиттердин “классификацияланган” кредиттер категориясына өтүшүнө байланыштуу, банктардын РППУ боюнча кошумча чегерүүлөрүнүн ордун жаба алган буфердик капиталынын запасын (таза суммардык капитал) аныктоого мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, бул ыкма капитал шайкештиги (К2.1) 12 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөй турган классификацияланган кредиттердин максималдуу өсүш арымын эсептөөгө өбөлгө түзөт.

Банк секторун отчеттук жылдын 31-декабрына карата абал боюнча “кайтарым” стресс-тестирлөөнүн натыйжасында банк сектору боюнча “классификацияланган” категорияга өткөн “классификацияланбаган” кредиттердин максималдуу жол берилген үлүшү орточо 50,8 пайызды түзгөн (2.3.1-график).

Ошентип, банк сектору кредит портфелдин сапатынын олуттуу начарлоосуна туруштук бере алат, анын ордун жабуу үчүн орточо алганда таза суммардык капиталдын 49,7 пайызына чейин кошумча РППУ түзүү талап кылынат (2.3.2-график).

**2.3.1-график. “Иштеп жаткан”[24] кредиттердин “классификацияланган” кредиттерге[25] өтүүчү максималдуу жол берилген үлүшү**
*классификацияланбаган кредиттерден пайыздарда*




**2.3.2-график. Кошумча РППУ, мында аларды түзүүдө КДК 12 пайызга чейин төмөндөшү мүмкүн**
*ТСКдан пайыздарда*




[21] Проблемалуу банктарды эске албаганда.
[22] Тобокелдиксиз болуп саналбаган, “нормалдуу” категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[23] Мында, “иштеп жаткан” кредиттердин “классификацияланган” категориясына өтүшү үч категория (“субстандарттык”, “шектүү” жана “жоготуулар”) боюнча бирдей жүрөт.
[24] “Нормалдуу” категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[25] Мында КДК 12 пайызга чейин төмөндөйт.

### *2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигине “кайтарым” стресс-тестирлөө жүргүзүү*

**2.3.3-график. Депозиттердин агылып чыгуу өлчөмү, мында К3 45 пайызга чейин төмөндөйт**
*кардарлардын депозиттеринин жалпы көлөмүнөн пайыздарда*




Банк секторунун ликвиддүүлүк тобокелдигине баа берүү үчүн Улуттук банктын күндөлүк ликвиддүүлүк боюнча экономикалык ченемин бузбай туруп, калайык-калктын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин массалык агылып чыгуусунун ордун жабууга жөндөмдүү ликвиддүү активдердин запасы эсептелген:

**Таасир** – жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын ликвиддүүлүк ченемин 45 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөтүшү мүмкүн болгон депозиттеринин агылып чыгуусунун максималдуу көлөмү.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнүн натыйжалары (2.3.3-график) 2016-жылдын акырына карата абал боюнча банк секторунун ликвиддүү активдеринин айкын көлөмү калктын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин жалпы көлөмүнүн орточо алганда 45,0 пайыз чегинде мүмкүн болуучу агылып чыгышынын ордун жабууга жөндөмдүү экендигин тастыктап турат (2.3.1-таблица).

### *2.3.3. Рыноктук тобокелдикти “кайтарым”стресс-тестирлөө*

Бүтүндөй алганда, рыноктук тобокелдикти “кайтарым” стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгы, банк сектору 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча тике пайыздык жана валюталык тобокелдиктерге бир аз эле дуушарланышы мүмкүн экендигин көрсөткөн.

**Пайыздык тобокелдик**

**1-таасир** – кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин төмөндөшү, мында капиталдын шайкештик деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнүн натыйжалары банк секторунун тике пайыздык тобокелдикке карата бир аз ийкемдүү экендигин көрсөтүп турат. Кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээлинин 17,7 пайыздык пунктка төмөндөшү капиталдын шайкештик деңгээлин 12 пайызга чейин төмөндөтүшү мүмкүн (2.3.1-таблица).

Жалпысынан алганда, “кайтарым” стресс-тестирлөөнүн натыйжалары боюнча банк сектору пайыздык тобокелдиктин төмөн деңгээлине ээ.

**Валюталык тобокелдик (кайра баа берүү тобокелдиги)**

Банк секторунун валюталык тобокелдигине баа берүү үчүн АКШ долларынын курсунун максималдуу өсүш/төмөндөө арымы эсептелген, ал капитал шайкештигине жана таза пайдага да таасирин тийгизет.

**1-таасир** – USD/KGS курсунун максималдуу өсүш/төмөндөө арымы, мында капиталдын шайкештиги (К2.1) деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тестирлөөнү эсептөөлөр, банк секторунда активдерди жана милдеттенме-

МАЗМУНУ

лерди кайра баа берүү тобокелдигинин төмөн экендигин көрсөтүү менен тике валюталык тобокелдикке карата төмөн деңгээлдеги ийкемдүүлүккө ээ экендигин тастыктайт (2.3.1-таблица).

**2-таасир** – USD/KGS курсунун максималдуу өсүш/төмөндөө арымы, мында коммерциялык банктардын таза пайдасы нөлдүк деңгээлге чейин төмөндөйт.

Стресс-тестирлөөнүн натыйжалары коммерциялык банктар тике валюталык курстун таасирине туруштук бере алышаарын тастыктаган (2.3.1-таблица).

**2.3.1-таблица. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча “кайтарым” стресс-тестирлөөнүн жалпы жыйынтыктары**

| | | Банк сектору |
|---|---|---|
| **Кредиттик тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | “Классификацияланган” категориясына өткөн классификацияланбаган кредиттердин үлүшү, *пайыздарда* | 50,8 |
| **Пайыздык тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | Кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөшү, мындай шартта КДК пайыздык пункттарда 12% чейин азаят | 17,7 |
| **Валюталык тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | USD/KGS курсунун өсүш арымы (±), мындай шартта КДК *пайыздарда* 12% чейин төмөндөйт | Коммерциялык банктар тике валюталык тобокелдикке дуушар болушат (валюта курсунун 100 % көбүрөөккө өзгөрүшү) |
| 2-сценарий | USD/KGS курсунун өсүш арымы (±), мындай шартта таза пайда *пайыздарда* нөл деңгээлине чейин төмөндөйт | |
| **Ликвиддүүлүк тобокелдиги** | | |
| 1-сценарий | Кардарлардын депозиттеринин үлүшүнүн депозиттердин жалпы көлөмүнөн агылып чыгышы, мында утурумдук ликвиддүүлүк коэффициенти *пайыздарда* 45% чейин төмөндөйт | 45,0 |

МАЗМУНУ

# III. БАНКТЫК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИ

***Бүтүндөй алганда, банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМ) системасынын абалына орточо туруктуу катары баа берилген. Активдердин, кредит портфелинин, ресурстук база сыяктуу негизги көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү белгиленген. Стресс-тесттердин жыйынтыктары БФКМдер системасынын кредиттик тобокелдиги орточо деңгээлде экендигин көрсөткөн.***

***Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда (МФУ – 2015-жылга салыштырганда 0,8 пайыздык пунктка, кредиттик союз – 0,1 пайыздык пунктка) төмөндөгөн.***

## 3.1. Негизги тенденциялар

Кыргыз Республикасында 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк тарабынан лицензиялануута жана жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес финансы-кредит мекемелер системасында: адистештирилген финансы-кредит мекемеси – “КСФК” ААКсы; 116 кредиттик союз; 162 микрофинансылык уюм (анын ичинде 6 микрофинансылык компания, 103 микрокредиттик компания жана 53 микрокредиттик агенттиктер) жана 394 алмашуу бюросу камтылган.

### *Ресурстар*

**3.1.1-график. БФКМдин милдеттенмелеринин жана капиталынын динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: 2015-жылдан тартып маалыматтар “Финка МКК” ЖАКты, 2016-жылдан тартып “МФК Компаньон” ЖАКты эске алуусуз келтирилген*

2016-жыл жыйынтыгы боюнча БФКМдер милдеттенмеси 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 53,1 пайызга азайган жана 4 913,3 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн. БФКМдер капиталы 2016-жыл ичинде 7,8 пайызга азайган жана 8 681,0 млн сомду түзгөн (3.1.1-график).

Ресурстук базанын төмөндөшү “МФК Компаньон финансылык тобу” ЖАКтын БФКМ курамынан чыгып “Компаньон Банкы” ЖАКка өзгөртүп түзүлүшү менен шартталган.

БФКМдердин ресурстук базасынын негизги көлөмү Кыргыз Республикасынын финансы-кредит мекемелеринин кредиттерине туура келет (2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча салыштырма салмак 57,5 пайызды түзгөн).

МАЗМУНУ

### *Активдер*

**3.1.2-график. БФКМдин активдеринин жана кредиттеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: 2015-жылдан тартып маалыматтар “Финка МКК” ЖАКты, 2016-жылдан тартып “МФК Компаньон” ЖАКты эске алуусуз келтирилген*

Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун маалыматтары боюнча 2016-жыл үчүн БФКМдердин чогуу алгандагы активдери 31,6 пайызга төмөндөө менен 13 594,3 млн сомду түзгөн[26]. Мындай төмөндөө БФКМдердин кредит портфелинин азаюусу эсебинен камсыз болгон (3.1.2-график). Чогуу алгандагы активдердин жана кредит портфелдин төмөндөөсү да “МФК Компаньон Финансылык тобу” ЖАКтын “Компаньон Банкы” ЖАКка өзгөртүп түзүлүшүнө байланыштуу болгон.

БФКМдердин негизги иш багыты болуп мурдагыдай эле кредиттөө саналат. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча БФКМдердин кредит портфелинин көлөмү 27,1 пайызга азаюу менен 10 915,4 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн.

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча карыз алуучулардын саны 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 31,3 пайызга азаюу менен 229 919 адамды түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде БФКМдер тарабынан сунушталган кредиттер түзүмүндө отчеттук мезгил ичинде төлөө мөөнөтү боюнча айрым бир өзгөрүүлөр жүргөн. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстардын үлүшүнүн төмөндөшү, ошондой эле узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстардын үлүшүнүн бир аз көбөйүшү байкалган (3.1.3-график).

**3.1.3-график. БФКМдин кредит портфелинин төлөө мөөнөттөрү боюнча түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: Бир мезгил ичиндеги маалыматтар*

Бишкек шаары, ошондой эле Чүй, Ош жана Жалал-Абад областтары БФКМдин кредит портфелинин олуттуу бөлүгү топтоштурулган негизги региондордон болуп саналат (чогуу алгандагы кредит портфелинин 78,8 пайызы), бул республиканын ушул региондорунда иш жигеринин артышына байланыштуу болгон.

[26] “КСФК” ААКсын эске албаганда.

## *Кирешелүүлүк*[27]

**3.1.4-график. БФКМдин кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы***




*Булагы: Улуттук банк*
** КСФКны эске албаганда*

2016-жыл жыйынтыгы боюнча БФКМдин таза пайдасы, өткөн жылга салыштырганда 51,4 пайызга көбөйүү менен 1 035,3 млн сомду түзгөн. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча ROA кирешелүүлүк көрсөткүчү 2,8 пайыздык пунктка жогорулап, 6,2 пайызды түзгөн, ал эми ROE көрсөткүчү 4,1 пайыздык пунктка жогорулап, 11,4 пайызды түзгөн (3.1.4-график).

[27] ROA жана ROE индикаторы жылдык эсептөөдө берилген.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер

БФКМдин ишиндеги тобокелдиктердин негизги факторлору катары кредит портфелинин сапаты, тармактык жана институционалдык концентрация, ошондой эле БФКМ секторунун тышкы карызынын абалы саналат.

### *БФКМдин кредит портфелинин сапаты*

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча БФКМдин кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү 7,5 пайызды түзгөн, мында алардын номиналдык көлөмүнүн 135,5 млн сомго же 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 14,1 пайызга бир аз төмөндөөсү байкалган (3.2.1-график).

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча БФКМдердин классификацияланган кредиттер түзүмүндө айыл чарбасына берилген, тейленбеген кредиттердин үлүшүнүн (2015-жылга салыштырганда 8,6 пайыздык пунктка) өсүшү катталган. БФКМдердин классификацияланган кредиттеринин жалпы көлөмүндө алардын үлүшү 29,4 пайызды түзгөн (3.2.2-график).

**3.2.1-график. БФКМдин кредит портфелинин сапаты**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: 2015-жылдан тартып маалыматтар "Финка МКК" ЖАКты, 2016-жылдан тартып "МФК Компаньон" ЖАКты эске алуусуз келтирилген*

**3.2.2-график. Экономика тармактары боюнча БФКМдин классификацияланган кредиттеринин түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: 2015-жылдан тартып маалыматтар "Финка МКК" ЖАКты, 2016-жылдан тартып "МФК Компаньон" ЖАКты эске алуусуз келтирилген*

### *Тармактык концентрациялануу*

БФКМдин кредит портфели айыл чарбада (БФКМдин кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 29,4 пайызы), соодада жана керектөө кредиттеринде (кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 16,7 жана 21,5 пайызы) топтоштурулган (3.2.3-график). Айыл чарбасын кредиттөө жаратылыш-климаттык шарттарга көз карандылыгынан улам, жогорку тобокелдиктер менен коштолгон.

### *Институционалдык концентрациялануу*

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча үч ири БФКМ активдеринин үлүшү 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 15,4 пайыздык пунктка азаюу менен БФКМдин системасынын активдеринин жалпы көлөмүнүн 41,0 пайызын түзгөн (3.2.4-график). Үч ири БФКМдердин үлүшүнүн кыскарышы, мурда белгиленгендей эле, "МФК Компаньон финансылык тобу" ЖАКтын "Компаньон Банкы" ЖАКка өзгөрүп түзүлүшүнө байланыштуу болгон.

МАЗМУНУ

**3.2.3-график. БФКМдин кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: 2015-жылдан тартып маалыматтар "Финка МКК" ЖАКты, 2016-жылдан тартып "МФК Компаньон" ЖАКты эске алуусуз келтирилген*

**3.2.4-график. БФКМдин активдеринин институционалдык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**6-кыстырма. Концентрациялануу индексинин негизинде БФКМ системасынын ишине баа берүү[28]**

***Херфиндаль-Хиршман индекси***

БФКМ системасында концентрациялануу тобокелдигин талдап-иликтөө максатында, Херфиндаль-Хиршман индекси[29] эсептелген. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча БФКМ системасы үчүн индекстин мааниси 946,7 пунктту түзгөн. Эмпирикалык эрежеге ылайык[30] алынган маани БФКМдин активдеринин бир аз концентрацияланышын же микрофинансылык рыноктун төмөн концентрациялануусун көрсөтүп турат.

**3.2.5-график. Джини индексинин жана 6 ири БФКМдин активдеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*
*Эскертүү: 2015-жылдан тартып маалыматтар "Финка МКК" ЖАКты, 2016-жылдан тартып "МФК Компаньон" ЖАКты эске алуусуз келтирилген*

***Джини индекси***

БФКМдерде активдердин бирдей ченемде бөлүштүрүлүшүнө баа берүү максатында Джини индекси эсептелинген. 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча индекстин мааниси 0,360 түзгөн, бул ири микрофинансылык институттардын арасында активдер тең салмактуу бөлүштүрүлгөндүгүн тастыктап турат. Отчеттук мезгил ичинде концентрациялануу деңгээлинин төмөндөөсү белгиленген (3.2.5-график).

[28] Концентрациялануу индекстери 6 ири БФКМдин маалыматтарынын негизинде эсептелген.

[29] $H = \Sigma_{i=1}^{n}(i\ үлүшү)\ \char94 2$

[30] Рыноктун концентрациялануу деңгээлин аныктоо үчүн төмөнкүдөй эмпирикалык эрежелер колдонулган:
- индекс 0,1ден (же 1,000) төмөн мааниге ээ – рыноктун бир аз концентрацияланышы,
- индекс 0,1ден 0,18ге (же 1,000ден 1,800гө) чейинки мааниге ээ – рыноктун орточо концентрацияланышы,
- индекс 0,18ден (же 1,800) жогору мааниге ээ – рыноктун жогорку деңгээлде концентрацияланышы.

### *БФКМдин тышкы карызынын абалы*

Кароого алынып жаткан мезгилге карата абал боюнча БФКМдин тышкы карызынын көлөмү 22,7 млн АКШ долларын түзгөн. БФКМдин тышкы карызынын ири бөлүгү чет өлкөлүк коммерциялык финансы-кредиттик мекемелерден алынган кредиттерге (БФКМдин тышкы карызынын жалпы көлөмүнүн 82,1 пайызы), калган бөлүгү – эл аралык финансы институттарынан алынган кредиттерге (БФКМдин тышкы карызынын жалпы көлөмүнүн 17,9 пайызы) туура келет.

2016-жыл жыйынтыгы боюнча ири БФКМдердин тышкы карызы 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 78,2 пайызга азайып, 17,8 млн АКШ долларын түзгөн.

## 3.3. БФКМ системасына стресс-тестирлөө жүргүзүү

***БФКМдин кредиттик тобокелдигин стресс-тестирлөө***

Кредит портфелинин сапатынын начарлоосу бүтүндөй БФКМ системасына таасири эсептеле турган, талдап-иликтөө жүргүзүлгөн.

Стресс-тестирлөө жүргүзүүдө төмөнкү үч сценарий кароого алынган:

*1-сценарий:* кредиттердин 50 пайызынын бир категориядан экинчисине өтүшү;

*2-сценарий:* кредиттердин 75 пайызынын бир категориядан экинчисине өтүшү;

*3-сценарий:* кредиттердин 100 пайызынын бир категориядан экинчисине өтүшү.

Мында, кредиттердин бир категориядан экинчисине өтүшү “стандарттык”, “байкоо алдындагы”, “субстандарттык”, “шектүү” жана “жоготуулар” сыяктуу категориялар боюнча бир калыпта жүрөт.

Стресс-тестирлөөнү жүргүзүүдө БФКМдин кредит портфелиндеги РППУнун көлөмү[31] тандалып алынган сценарийге жараша 81,8 пайыздан 163,7 пайызга чейин жогорулап турган (3.3.1-график).

**3.3.1-график. Кредиттик тобокелдикти стресс-тестирлөөнүн 2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча натыйжалары**




*Булагы: Улуттук банк, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Мында белгилей кетүүчү нерсе, кредит портфелинин сапатынын начарлоосу БФКМдин өздүк капиталынын жана таза пайдасынын бара-бара төмөндөшүнө алып келет. Биринчи жана экинчи сценарий ишке ашырылган учурда, БФКМ сектору рентабелдүү бойдон калат, бирок пайда деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 412,4 млн сомго жана 100,9 млн сомго чейин төмөндөйт. Үчүнчү сценарий ишке ашырылганда БФКМ секторунда 210,6 млн сом өлчөмүндө чыгымдар орун алышы мүмкүн (3.3.1-график).

[31] Микрофинансылык уюмдар активдин суммасынын пайыздык катышында көрсөтүлгөн чегерүүлөрдүн төмөнкү өлчөмдөрүн жүргүзүү менен классификациялоонун тиешелүү категориялары үчүн жалпы жана атайы РППУну түзүшөт:
- стандарттык – 0%дан 5%га чейин
- байкоого алынган активдер – 10%
- субстандарттык – 25%
- шектүү – 50%
- жоготуулар – 100%.

МАЗМУНУ

**3.3.1-таблица. Кредиттик тобокелдикти стресс-тестирлөөнүн натыйжалары**
*пайыздар*

| | БФКМдердин кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү |
|---|---|
| **1-сценарий:** кредиттердин 50% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 15,4 |
| **2-сценарий:** кредиттердин 75% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 19,3 |
| **3-сценарий:** кредиттердин 100% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 23,1 |

*Булагы: Улуттук банк, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

БФКМдердин кредит портфелинде проблемалуу кредиттер үлүшүнүн 7,9 пайыздык пунктка, 15,4 пайыздык деңгээлге чейин көбөйүшү, биринчи сценарийди ишке ашыруунун натыйжасынан болушу мүмкүн. Экинчи сценарий жүзөгө ашырылган учурда проблемалуу кредиттер 11,8 пайыздык пунктка, 19,3 пайыздык деңгээлге чейин, ал эми үчүнчү сценарийди жүзөгө ашырууда – 15,6 пайыздык пунктка көбөйүп, 23,1 пайыздык деңгээлге чейин жетет.

### *БФКМдердин кредиттик тобокелдигин эконометрикалык моделдин негизинде стресс-тестирлөө*

Мындай стресс-тестирлөө эконометрикалык моделдин негизинде ишке ашырылган, ал БФКМдердин классификацияланган кредиттеринин макроэкономикалык факторлордон көз карандылыгын мүнөздөйт.

**3.3.2-график. БФКМдин проблемалуу кредиттеринин өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Макроэкономикалык таасирдин БФКМдердин классификацияланган кредиттер үлүшүнүн динамикасына таасирине баа берүү максатында, төмөнкү сценарий каралган:

- *ИДӨнүн өсүш арымынын 10 пайызга кыскарышы.*

Бул сценарийди ишке ашырууда кредит портфелдеги проблемалуу кредиттердин үлүшү 1,1 пайыздык пунктка, 8,6 пайыздык деңгээлге чейин өсүшү мүмкүн.

# IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ

***Отчеттук мезгил ичинде кабыл алынган маанилүү төлөм системаларында финансылык жана операциялык тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган чаралар топтому төлөм инфраструктурасынын ишин контролдоо аркылуу системанын иш үзгүлтүксүздүгүнүн камсыз кылынышы, орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктердин финансылык сектордун туруктуулугуна таасирин минималдаштырууга өбөлгө түзгөн.***

Өлкөнүн финансы секторунун туруктуу ишин аныктаган негизги факторлордун бири катары натыйжалуу жана үзгүлтүксүз төлөм системасы саналат.

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасында төлөм системасынын төмөнкү компоненттери иштеп турган:

1. Улуттук банктын ири төлөмдөр системасы – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ).

2. Чекене төлөмдөр системасы: Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС), төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы.

3. Финансылык билдирүүлөр менен алмашуу үчүн инфраструктура (SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнү, Банктар аралык коммуникациялык түйүн).

**4.1-график. ГСРРВда төлөмдөрдүн жана ликвиддүүлүк көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Отчеттук мезгил ичинде белгиленген критерийлерге ылайык Кыргыз Республикасында системалуу мааниге ээ жана маанилүү төлөм системаларынын тизмеги аныкталган, ошондой эле эл аралык эксперттердин көмөктөшүүсү менен системалуу мааниге ээ төлөм системасынын ишинин эл аралык стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берилген.

2016-жыл ичинде Кыргыз Республикасында системалуу мааниге ээ төлөм системаларынан болуп Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ) жана пакеттик клиринг системасы (ПКС) таанылган.

**ГСРРВ** отчеттук мезгил ичинде штаттык режимде иш алып барган.

ГСРРВда финансылык тобокелдиктер деңгээли катышуучулардын эсептериндеги ликвиддүү каражаттардын системадагы жүгүртүүгө карата жогорку деңгээлде сакталып турушу эсебинен төмөн деңгээлде катталган (ликвиддүүлүк коэффициенти – 0,9, ал эми жүгүртүү коэффициенти – 1,1 түзгөн). Катышуучулардын орточо күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 0,5 пайызга бир аз төмөндөө менен (2015-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырганда) 17,8 млрд сомду түзгөн (4.1-график). Мында жүгүртүү коэффициентинин кескин көбөйүшү байкалган (2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда болжолу менен 3 эсе). Мындай көбөйүү Автоматташтырылган тоорук системасында төлөмдөрдүн өсүшүнө байланыштуу болгон, анын үлүшү гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө 85,1 пайызды түзгөн.

ГСРРВ системасынын жеткиликтүүлүк деңгээли жогору бойдон калып, 100,0 пайызды түзгөн, ал эми операциялык тобокелдик деңгээли системанын иш регламентинин узартылышын жана техникалык үзгүлтүктөрдү эске алганда, 5,2 пайызды түзгөн (4.2-график).

Отчеттук мезгил ичинде пакеттик клиринг системасынын ишинде финансылык тобокелдиктердин деңгээли да төмөн болгон. Катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга каралган кам зарыл деңгээлден 4 эсе жогору болгон. Отчеттук мезгил ичинде системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү жогору бойдон калган жана 99,7 пайызды түзгөн (2015-жылдын тиешелүү мезгилинде 100,0 пайыз), мында операциялык тобокелдик деңгээли 1,2 пайызды түзгөн (4.3-график).

**Банктык төлөм карттар менен эсептешүүлөр системасы.** 2016-жылдын 30-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында "Элкарт" улуттук системасы жана 5 эл аралык карт системасы иш алып барган.

Коммерциялык банктар тарабынан банктык төлөм карттарды пайдалануу менен ар кандай кошумча кызматтар сунушталууда. Бирок, бир катар себептерден (калктын финансылык сабаттуулук деңгээлинин анчалык жогору эместиги, банктардын маркетинг ишинин чабалдыгы, банктардын өз кардарларына карттарды пайдалануу менен сунушталуучу кызматтар жана банктык продукттар тууралуу демилгенин жана маалымат берүүлөрдүн жеткиликсиз болушу, региондордун аралыкта орнотулган жабдуулар менен начар камсыз болушу, инфраструктуранын өзүн-өзү актай албастыгы) улам, республикада банктык төлөм карттарынын жайылтылышы деңгээли төмөн бойдон калууда.

### 4.2-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы




| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр | 0,1% | 0,2% | 0,1% | 0,2% | 0,4% | 0,0% | 0,0% | 0,0% |
| Жеткилик-түүлүк коэффициенти | 99,9% | 99,8% | 99,9% | 99,8% | 99,6% | 100,0% | 100,0% | 100,0% |
| Операциялык тобокелдик деңгээли | 0,8% | 2,3% | 3,6% | 3,6% | 3,1% | 5,9% | 4,1% | 5,2% |

*Булагы: Улуттук банктын эсептөөлөрү*

### 4.3-график. ПКСте жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы




| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүл-түктөр | 0,8% | 0,4% | 1,0% | 1,0% | 0,9% | 0,0% | 0,3% |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти | 99,2% | 99,6% | 99,0% | 99,0% | 99,1% | 100,0% | 99,7% |
| Операциялык тобо-келдик деңгээли | 2,0% | 1,5% | 2,3% | 2,0% | 2,6% | 1,2% | 1,2% |

*Булагы: Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Ошол эле мезгилде, эмитирленген төлөм карттарынын санынын көбөйүүсүнүн алгылыктуу тенденциясы байкалган. Алсак, кароого алынып жаткан мезгилге карата абал боюнча жүгүртүүдөгү төлөм карттарынын жалпы саны 34,8 пайызга көбөйүп, 1 615,7 миң даананы түзгөн.

2016-жылы “Элкарт” системасы улуттук системанын бардык критерийлерине дал келген улуттук система катары таанылган. Отчеттук мезгил ичинде “Элкарт” улуттук системасы менен 25 коммерциялык банк иш алып барган.

Мониторингдин жана талдап-иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 99,2 пайызды түзгөн, ал эми системада операциялык тобокелдиктер деңгээли 0,8 пайызды түзгөн (4.4-график).

2016-жыл ичинде коммерциялык банктарда эсеп ачуусуз эле, эл аралык акча которууларды алуу жана жөнөтүү иши **14 эл аралык акча которуу системасы** аркылуу жүзөгө ашырылган (4.1-таблица).

**4.4-график. ББПБда жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти | 99,7% | 98,5% | 99,6% | 98,2% | 99,9% | 99,3% | 99,2% |
| Операциялык тобокелдик | 0,3% | 1,5% | 0,4% | 1,8% | 0,1% | 0,7% | 0,8% |

*Булагы: Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**4.1-таблица. Агымдардын эл аралык акча которуулар системаларынын ортосунда бөлүштүрүлүшү**

| Системанын аталышы | Кириш | | Чыгыш | |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы сандан үлүшү, % | Жалпы көлөмдөн үлүшү, % | Жалпы сандан үлүшү, % | Жалпы көлөмдөн үлүшү, % |
| Золотая Корона | 69,0% | 66,2% | 87,6% | 85,3% |
| Unistream | 15,6% | 17,5% | 5,3% | 7,6% |
| Лидер | 6,0% | 3,0% | 0,2% | 0,1% |
| Western Union | 4,1% | 5,6% | 3,7% | 3,4% |
| Contact | 2,8% | 3,0% | 1,3% | 1,7% |
| Money Gram | 1,0% | 1,8% | 1,3% | 1,6% |
| Жана башкалар | 1,5% | 2,8% | 0,6% | 0,4% |
| Бардыгы болуп | 100,0% | 100,0% | 100,0% | 100,0% |

**Локалдык акча которуулар боюнча** учурда акча которуулардын төрт локалдык системасынын ортосунда салыштырмалуу бирдей бөлүштүрүлүшү сакталууда, Кыргызстан банктары булардын оператору болуп саналат.

Отчеттук мезгил ичинде **чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү/которууларды** жөнөтүү жана алуу үчүн 6 канал иштеп турган. Бирок финансылык билдирүүлөрдүн негизги агымы SWIFT телекоммуникациялык түйүнүнө туура келген (кириш жана чыгыш төлөмдөрдүн орточо мааниси жалпы сандан 92,8 пайызды жана төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 87,7 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине жүргүзүлгөн мониторинг 2016-жыл ичинде бардык маанилүү төлөм системалары штаттык режимде иштегендигин жана анын системалык тобокелдикке дуушарланбагандыгын көрсөткөн.

МАЗМУНУ

# V. ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ

***Отчеттук мезгил ичинде финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн алкагында, өлкө экономикасын доллардан арылтуу, түрткү берүү, финансы-кредит мекемелеринин ишинде келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди төмөндөтүү, финансы рыногунун жаңы субъекттеринин ишин жөнгө салуу, ошондой эле ченемдик укуктук актыларды өлкө мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.***

### *Тобокелдиктерди тескөө*

Экономиканын долларлашуу деңгээлин, ошондой эле кредиттик тобокелдикти төмөндөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 10-февралындагы №7/3 токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилген. Өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык, банктарга, микрофинансылык уюмдарга жана кредиттик союздарга чет өлкө валютасындагы керектөө жана ипотекалык кредиттерди карыз алуучулардан болушкан жеке адамдарга берүүгө тыюу салынган, мында күбөлүктүн же патенттин жана эмгек акы долбоорлорунун алкагында төлөм карттары боюнча овердрафттардын негизинде ишкердик ишти жүзөгө ашырышкан адамдар эске алынбайт.

Мындан тышкары, түзөтүүлөрдө кардардын финансылык отчетуна, кредит төлөө тартибине, үчүнчү жактардын чыгашаларына, жүгүртүүдөгү товарлардын 40 же андан ашык пайызы менен камсыздалган кредиттерге мониторинг жүргүзүү мезгилдүүлүгүнө, ошондой эле кредитти кайра реструктуризациялоого тиешелүү өзгөртүүлөр каралган.

Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 27-апрелиндеги №19/6 жана 14-июлундагы №29/5 токтомдору менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр, ошондой эле банктардын капиталынын шайкештигин аныктоо маселелерине тиешелүү толуктоолор жана өзгөртүүлөр бекитилген. Бул токтомго ылайык, банктар “реструктуризацияланган кредиттер” түшүнүгүнөн, эгерде которуу карыз алуучунун финансылык абалынын начарлоосуна байланыштуу болбосо, кредит валютасын чет өлкө валютасынан улуттук валютага которууну алып салуулары зарыл болот. Толуктоолор жана өзгөртүүлөр аркылуу Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун каражаттары эсебинен АКШ долларында берилген кредиттер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдын өлчөмү төмөндөтүлгөн. Коммерциялык банктар сыяктуу эле, карыз алуучулар үчүн да кредиттик тобокелдиктерди басаңдатуу максатында киргизилген өзгөртүүлөр карыз алуучулардын кредиттин ордун жабуунун бирдей эмес графигин карашкан, коммерциялык банктардын кредиттерин диверсификациялоого өбөлгө түзөт.

Мындан тышкары, жогоруда белгиленген токтом коммерциялык банктарга “капитал буфери” көрсөткүчүнүн белгиленген маанисине жеткенге чейинки же жеткен учурдагы бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебинен уставдык капиталды көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелердин иш үзгүлтүксүздүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу, ошондой эле банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин маалымат коопсуздугуна коркунуч жараткан, келип чыгышы мүмкүн болгон үзгүлтүктөрдү натыйжалуу жөнгө салуу механизмдерин колдонууга киргизүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 25-майындагы №20/6 токтому менен Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Бул өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо, банктын маалымат технологияларынын жана маалымат коопсуздугунун Улуттук банк тарабынан жана банктын ички документтеринде белгиленген талаптарга

ылайык келүүсүнө талдап-иликтөөлөрдү жана баа берүүнү жүргүзүү максатында, коммерциялык банктарда жана финансы-кредит мекемелеринде маалымат системасына тышкы аудитти үч жылда бир жолу жүргүзүү каралган.

Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 15-июнундагы №25/1 токтому менен "Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр киргизилген.

Бул өзгөртүүлөр, коммерциялык банктардын 15 ири каржылоо булактары, пайыздык чендер, башка мүлк жөнүндө маалыматты, ошондой эле мамлекеттик ишканалардын, мамлекеттик бийлик органдарынын эсептериндеги, корреспонденттик эсептердеги чет өлкө валютасындагы акча каражаттар калдыгы боюнча маалыматты натыйжалуу сунуштоосун жогорулатуу максатында киргизилген.

Банктардын ликвиддүүлүк ченемдерин өркүндөтүү, банктарга жана микрофинансылык уюмдарга акы төлөө негизинде товардык белгини пайдалануу боюнча келишим түзүүгө тыюу салууларды белгилөө, ошондой эле ченемдик укуктук актыларга техникалык мүнөздөгү оңдоолорду киргизүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 14-декабрындагы № 48/11 токтому менен бир катар ченемдик укуктук актыларга сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

### *Экономиканын өнүгүшүнө өбөлгө түзүү*

Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 24-августундагы №35/4 токтому менен Улуттук банктын кредиттик тобокелдикти тескөө маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларына сунушталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр бекитилген. Толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен карызгер тарабынан коммерциялык банктарга, анын ичинде операцияларын банк ишинин ислам принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктарга кредит алуу үчүн бериле турган төмөнкү документтер боюнча талаптар жеңилдетилген:

- карызгердин бизнес-планы. Эгерде кредит карызгер-юридикалык жактын жүгүртүү каражаттарын толуктоого сунуштала турган болсо, бизнес-план талап кылынбайт;

- гаранттын финансылык отчету. Эгерде гарантия кредит боюнча бирден бир камсыздоо болуп, ал эми гарант-юридикалык жак болсо гана банкка гаранттын финансылык отчетун сунуштоо зарыл болот.

- кардардын эмгек акысы боюнча маалымкат. Эмгек акы жөнүндө маалымкаттын аракеттенүү мөөнөтү өзгөргөн. Эгерде буга чейин карызгерлер акыркы 12 ай үчүн эмгек акысы жөнүндө маалымкат сунуштоолору тийиш болсо, учурда алар эмгек акы жөнүндө маалымкатты акыркы 3-12 ай үчүн сунуштоолору тийиш. Мында банк мындай маалымкатты сунуштоо мөөнөтүн өз алдынча аныктоого укуктуу.

Мындан тышкары, банк тарабынан күрөө, банктардын кредиттерди реструктуризациялоо жана эсептен алып салуу, карызгердин кредиттик таржымалын түзүү мониторингин жүргүзүү мезгилине карата талаптар да жеңилдетилген.

Жалпысынан, киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр калайык-калктын финансы-кредиттик мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле коммерциялык банктарда, анын ичинде операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктарда, аманаттарды тартпаган микрофинансылык уюмдарда жана кредиттик союздарда кредиттөө процессинин натыйжалуулугун арттырууга багытталган.

Ипотекалык кредиттөөнүн өнүгүүсүнө түрткү берген алгылыктуу шарттарды түзүү үчүн Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 23-ноябрындагы №47/1 токтому менен даяр турак жай сатып алууга берилген кредиттерди стандартташтыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөргө сунушталган өзгөртүүлөр бекитилген.

Кредиттик ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы №49/7 токтому менен Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, анда финансы-кредит уюмдардын кредиттөө учурунда күрөөгө баалуу металлдарды чектөөсүз кабыл алуу аркылуу күрөө предметин диверсификациялоо мүмкүнчүлүгү каралган жана баалуу металлдар түрүндөгү күрөөгө карата талаптарды белгилейт.

### *Банк ишин лицензиялоо*

Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы №15/2 токтому менен “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Өзгөртүүлөрдө жана толуктоолордо банктын кызмат адамдарына, атап айтканда банктардын Директорлор кеңешинин жана Аудит боюнча комитетинин мүчөлөрүнө карата талаптар кайрадан каралган. Аудитордук уюмда ишти банктын ички аудит кызматынын жетекчиси жана башкы бухгалтер кызмат орду менен айкалышта иштөө мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылган. Мындан тышкары, киргизилген түзөтүүлөрдө банктардын өкүлчүлүктөрүн ачуу, банктык лицензияларды берүү, кайра тариздөө тартиби каралган, ошондой эле микрокредиттик компанияны банкка өзгөртүп түзүү мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2015-жылдын 10-декабрындагы №90-VI “Улуттук валюта курсун турукташтыруу жана Кыргыз Республикасынын экономикасын доллардан арылтуу чаралары жөнүндө” токтомун аткаруу максатында, бул ченемдик укуктук актыга Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 29-июнундагы №27/2 токтому менен толуктоолор киргизилген. Бул толуктоолор, банктарга лицензия берүүдө республика аймактарында банктык терминалдарды жана POS-терминалдарды орнотууга, банктык төлөм карттарын кабыл алуу жана тейлөө боюнча банкоматтар жана терминалдар түйүнүн кеңейтүүгө тиешелүү шарттарга карата талаптар күчөтүлгөн. Мындан тышкары, банктарды “Элкарт” улуттук төлөм системасына туташтыруу ченеми киргизилген.

Баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү жана кредиттик ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында жана Кыргыз Республикасынын “Күрөө жөнүндө” жана “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө” мыйзамдарын эске алуу менен Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/7 токтому менен “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген, анда финансы-кредиттик уюмдардын Улуттук банктан кошумча лицензия алуусуз баалуу металлдар аркылуу күрөө предметин диверсификациялоо мүмкүнчүлүктөрү каралган.

### *Ченемдик укуктук актыларды мыйзамдарга дал келтирүү*

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 10-февралындагы №7/2 “Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамга ылайык келтирүү максатында, Улуттук банктын 27 ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Бул өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун алкагында “Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобонун алмашуу бюролордун отчетторунун сапатын жогорулатууга жана Улуттук банкка сунуштоосун тездетүүгө тиешелүү бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Мындан тышкары, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү максатында, адистештирилген финансы-кредит мекемелеринин ишине карата ички контролдукту уюштурууга, ошондой эле нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүзөгө ашырууга жана Улуттук банкка отчетторду сунуштоого тиешелүү талаптар белгиленген.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына дал келтирүү алкагында, ошондой эле коммерциялык банктардын ишинин туруктуулугун колдоо чараларын иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №17/3 токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген.

Алсак, Банктык мыйзамдар чөйрөсүндө административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо жөнүндө нускоону административдик мыйзамдарга ылайык келтирүү үчүн ага техникалык мүнөздөгү толуктоолор киргизилген. Коммерциялык банктарга тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктү андан ары колдонууга киргизүү максатында “Жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө” нускоого толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген.

МАЗМУНУ

***Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу***

Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ишине көзөмөлдүктүн сапатын жогоруалтуу максатында Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 20-январындагы №4/5 "Микрокредиттик компаниялардын жана агенттиктердин, микрофинансылык компаниялардын жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө" жобого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Улуттук банк Башкармасынын бул токтомунун алкагында мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчет тиешелүү статьялар, бөлүкчөлөр жана бөлүктөр менен толукталган:

- курстук айырмадан, факторингдик операциялардан, ошондой эле инвестициялардан кирешелер/чыгашалар;
- агенттик келишим боюнча алынган киреше;
- реструктуризацияланган кредиттер;
- валюталык операциялар;
- уюштуруучулардан (акционерлерден) карызга алынган каражаттар;
- балanстан тышкаркы милдеттенмелер;
- башка активдерди жана милдеттенмелерди чечмелөө;
- ийкемдүүлүгүнө талдап-иликтөөлөр;
- пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата активдер жана милдеттенмелер.

Мындан тышкары, катышуучулардан депозиттерди тартуу менен иш алып барган кредиттик союздардын ликвиддүүлүк ченемин (Н5-2) эсептөө үчүн сактык пай алуу шарттары кайра каралып чыккан.

Микрофинансылык уюмдардын ишине талаптагыдай көзөмөлдүк жүргүзүү үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 20-январындагы №4/6 токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Бул өзгөртүүлөр жана толуктоолорго ылайык микрофинансылык уюмдарга карата юридикалык жактардан жана акционерлер жеке адамдар-дан каражаттарды карызга алуу жагында талаптар белгиленген. Ошондой эле, микрокредиттердин өлчөмү жогорулатылган жана дүң кредиттер, дүң микрофинансылык уюмдарга аныктама берилген.

Микрокредиттик агенттиктерди андан ары өнүктүрүүнүн жана орто, чакан бизнеске колдоо көрсөтүүнүн алкагында Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №17/2 токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуу эрежелерине микрокредиттик агенттик тарабынан берилген мирокредит өлчөмүн жогорулатууга тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын, микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчет формасын толтуруу тартибин түшүндүрүү максатында, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы №24/1 токтому менен аталган банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн жаңы редакциялары бекитилген.

Улуттук банктын адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерин лицензиялоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү алкагында Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 16-мартындагы №12/3 токтому менен "Адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерин лицензиялоо" жөнүндө жобо бекитилген. Жободо адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерине лицензия берүү, кайра тариздөө жана кайтарып алуу тартиби, ошондой эле мамлекеттик каттоодон/кайра каттоодон өтүү, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу өзгөчөлүктөрү белгиленет.

Мыйзамдардын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык адистештирилген финансы-кредиттик мекемелердин туруктуу иш жүргүзүүсүн камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 16-мартындагы №12/4 токтому менен адистештирилген финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салуу эрежелери бекитилген.

Эрежелер менен чет өлкө валютасын алмаштыруу ишин жүзөгө ашырышкан адистештирилген финансы-кредиттик мекемелер тарабынан милдетүү аткарылууга тийиш болгон экономикалык ченемдер, талаптар жана чектөөлөр, Улуттук банкка регулятивдик жана башка отчетторду берүү тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө талаптар, ошондой эле аларга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар белгиленет. Белгиленген талаптар адистештирилген финансы-кредиттик мекемелердин иш туруктуулугун камсыз кылууга, ошондой эле алардын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктердин деңгээлин төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Акча каражаттарынын келип чыгуу булактары жөнүндө маалымат берүү кыйынчылык жараткан жактардын лицензия алууларына кошумча мүмкүнчүлүк сунуштоо үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 14-июлундагы №29/4 токтому кабыл алынган, ага ылайык “Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тратиби жөнүндө” жобонун 9-пунктунун “б” пунктчасынын аракети токтотулган. Бул токтомго ылайык, нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алуу үчүн документтерди берүү учурунда 2016-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө өтүнүч ээлери жүгүртүү каражаттарынын келип чыгуу булактары тууралуу маалыматты сунуштамак эмес.

Бул норма нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алуу жол-жобосун жеңилдеткен жана нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын Улуттук банктын тиешелүү лицензиясыз жүзөгө ашырышкан адамдардын санын кыскартууга багытталган.

Кабыл алынышы кредиттик маалымат алмашуу ишин уюштурууну жакшыртууга өбөлгө түзгөн, “Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө” мыйзамдын 2016-жылдын 16-июлунан тартып күчүнө киришине байланыштуу Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 24-августундагы №35/5 токтому менен “Кредиттик бюролордун ишин лицензиялоо жөнүндө” жобо бекитилген. Жободо кредиттик бюролордун лицензия берүү, кайра тариздөө жана кайтарып алуу тартиби, ошондой эле мамлекеттик каттоодон/кайра каттоодон өтүү, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу өзгөчөлүктөрү белгиленет. Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы №40/5 токтому менен Кыргыз Республикасынын аймагында кредиттик бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелери бекитилген.

Аталган мыйзамды ишке ашыруу алкагында жана кредиттик тобокелдикти басаңдатуу ыкмаларынын бири болуп саналган, кредиттик маалымат алмашуу боюнча ишин андан ары өнүктүрүү үчүн, ошондой эле карыз алуучулардын кредит төлөө жөндөмдүүлүгүнө баа берүүнү жүзөгө ашыруу максатында бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Микрофинансылык компаниялар, микрокредиттик компаниялар, кредиттик союздар, алмашуу бюролору жана адистештирилген финансы-кредит мекемелери 2016-жылдын 1-июлунан тарта нак чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча отчетту www.ob.nbkr.kg порталы аркылуу Улуттук банкка күн сайын сунуштап туруулары тийиш болгондуктан, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-ноябрындагы №47/5 токтому менен Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле “Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тратиби жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

### *Ислам каржылоо принциптери*

“Ислам терезесине” ээ микрофинансылык уюмдардын ишине мезгил-мезгили менен талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 15-июнундагы №25/2 токтому менен “Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө” жана “Микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө” жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Мындан тышкары, “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө”, “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө” жоболоруна бир катар техникалык мүнөздөгү

өзгөртүүлөр киргизилген. Алсак, микрофинансылык уюмдардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттору таблицалар менен толукталган, анда "ислам терезесине" ээ микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган маалыматты кеңейтүү максатында, операциялар боюнча маалымат чагылдырылат.

Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы №49/9 "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан же "ислам терезесине" ээ банктык эмес финансы-кредит мекемелер тарабынан финансылык отчет түзүү жана маалымат сунуштоолоруна карата талаптар жөнүндө" жобо кабыл алынган.

## Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулук көрсөткүчтөрү

*(пайыздарда)*

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Банк сектору** | | | | | |
| ***Капиталдын жеткиликтүүлүк көрсөткүчтөрү*** | | | | | |
| Тобокелдик боюнча салмактанып алынган, активдерге карата нормативдик капитал | 28,3 | 25,0 | 21,8 | 22,4 | 24,8 |
| Тобокелдик боюнча салмактанып алынган, активдерге карата биринчи деңгээлдеги капитал | 22,3 | 19,9 | 16,4 | 18,1 | 21,1 |
| Чогуу алгандагы активдерге карата өздүк капитал | 18,3 | 16,9 | 16,2 | 15,6 | 16,8 |
| Классификацияланган кредиттердин өздүк капиталга карата катышы | 18,1 | 16,1 | 16,1 | 24,2 | 27,6 |
| Чогуу алгандагы милдеттенмелерге карата өздүк капитал | 22,7 | 20,7 | 19,5 | 18,6 | 20,4 |
| ***Активдердин сапаты*** | | | | | |
| Классификацияланган кредиттердин кредит портфелине карата катышы | 7,2 | 5,5 | 4,5 | 7,1 | 8,8 |
| Кредит портфелине карата РППУ | 4,7 | 3,3 | 2,6 | 3,8 | 5,0 |
| Классификацияланган кредиттерге карата РППУ | 64,9 | 59,6 | 58,9 | 53,3 | 56,4 |
| Валюталык насыялардын кредит портфелине карата катышы | 53,7 | 53,6 | 57,6 | 55,1 | 44,5 |
| ***Рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү*** | | | | | |
| ROA | 3,0 | 2,8 | 2,6 | 1,5 | 0,5 |
| ROE | 18,5 | 18,0 | 18,6 | 10,8 | 3,4 |
| Дүң кирешеге карата пайыздык маржа | 16,8 | 57,3 | 58,6 | 46,1 | 40,8 |
| Спред | 8,0 | 7,7 | 8,0 | 7,1 | 6,3 |
| ***Ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрү*** | | | | | |
| Жогорку ликвиддүү активдердин чогуу алгандагы активдерге карата катышы | 36,9 | 33,2 | 28,3 | 31,9 | 34,2 |
| Жогорку ликвиддүү активдердин кыска мөөнөттүү милдеттенмелерге карата катышы | 79,5 | 69,9 | 65,0 | 77,8 | 75,5 |
| ***Рынок тобокелдигине карата көз карандылык*** | | | | | |
| Таза ачык валюта позициясынын өздүк капиталга карата катышы | 2,6 | 5,6 | 8,3 | -1,9 | 4,4 |
| **Башка финансылык корпорациялар*** | | | | | |
| Активдердин финансы секторунун чогуу алгандагы активдерине карата катышы | 18,7 | 17,2 | 17,1 | 9,9 | 7,0 |
| Активдердин ИДӨгө карата катышы | 6,6 | 6,7 | 8,0 | 4,7 | 3,0 |
| **Корпоративдик сектор (орто жана ири ишканалар)** | | | | | |
| Активдердин рентабелдүүлүгү (ROA) | 6,7 | 5,5 | -0,3 | -5,8 | 9,5 |
| Капиталдын рентабелдүүлүгү (ROE) | 16,3 | 16,4 | -1,2 | -25,6 | 39,9 |
| Чогуу алгандагы милдеттенмелердин өздүк капиталга карата катышы (левераж)** | 2,1 | 2,1 | 3,0 | 4,0 | 3,2 |
| Күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициенти | 1,4 | 1,3 | 1,2 | 0,8 | 0,8 |
| **Үй чарба сектору** | | | | | |
| Үй чарба карызынын ИДӨгө карата катышы | 9,1 | 13,4 | 18,8 | 18,0 | 16,4 |
| Үй чарба карызынын колдо болгон кирешеге карата катышы | 13,4 | 21,8 | 28,4 | 27,8 | 25,2 |

*Булагы: Улуттук банк, КР УСК. Эсептөөлөр: Улуттук банк*

** башка финансылык корпорациялар БФКМдерди түшүндүрөт*

*** корпоративдик сектордун өздүк капиталы "Центерра Голд Инк." компаниясынын акцияларын эске алуусуз берилген*

# ГЛОССАРИЙ ЖАНА КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

*Банктык аманат (депозит)* – бул, финансы-кредит мекемеси тарабынан башка жак менен түзүлгөн келишим боюнча кайтарымдуулук, төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөттүүлүк шарттарында кабыл алынган акча каражаттардын суммасы. Аманаттар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү болуп бөлүнөт. Талап боюнча төлөнүүчү аманаттар сактоо мөөнөтүн көрсөтүүсүз, ал эми мөөнөттүү аманаттар – белгилүү бир мөөнөткө салынат.

*Банктык кредиттер* – бул, банк тарабынан белгилүү бир мөөнөткө кайтарымдуулук жана кредиттик пайызды төлөөгө жөндөмдүүлүк шарттарында берилген акча каражаттар.

*Валюта рыногу* – чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган рынок. Экономикалык мазмуну боюнча – бул акча рыногунун сектору, анда валюта сыяктуу өзгөчө товарга суроо-талап менен сунуш тең салмактанып турат. Өз багыты жана уюштуруу түзүмү боюнча – бул, адистештирилген институттар жана механизмдердин топтому, алар биргелешип суроо-талап менен сунуштун негизинде улуттук жана чет өлкө валютасын эркин сатуу-сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

*Акча рыногу* – рынок, мында катышуучулардын белгилүү бир чөйрөсүнүн чегинде кредиттер жана баалуу кагаздар формасындагы каражаттар кыска мөөнөткө сунушталат жана алынат.

*Депозиттик мекемелер* – борбордук банкты эске албаганда, негизги иши депозиттерди кабыл алуу жана кийинчерээк бул каражаттарды өз атынан жайгаштыруу болуп саналган финансылык корпорациялар.

*Үй чарбачылыгы* – бул, бирге жашашкан, биргелешип чарба жүргүзгөн, өз кирешелерин жана мүлкүн толугу менен же жарым-жартылай бириктиришкен жана товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн (негизинен турак жай жана тамак-аш азыктарына) белгилүү бир түрлөрүн биргелешип пайдаланышкан жеке адам же жеке адамдар тобу. Үй чарбасы кайсы болбосун экономикалык ишти, анын ичинде өндүрүштү жүзөгө ашыра алат.

*Баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү* – баалуу кагаздар боюнча жылдык кирешенин анын рыноктук баасына карата катышы; баалуу кагазга ээлик кылуучу тарабынан алынган пайданын ченеми (нормасы).

*Дюрация* – финансы инструментин төлөөгө чейинки орточо алынган мөөнөт. Финансылык активдердин төлөө мөөнөтүнө эмес, алардын наркынын пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүгүнө көрүлгөн чара катары колдонулушу мүмкүн.

*Турак жай сатып алуу мүмкүнчүлүгү индекси* – жарандардын батирлерди (квартираларды) сатып алуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан, турак жай рыногунун абалынын көрсөткүчү. Стандарттык батирдин (54 чарчы метр жалпы аянты менен) орточо рыноктук наркынын үч адамдан турган үй-бүлөнүн (эки чоң адам жана бир өспүрүм) орточо жылдык кирешесине карата катышы катары эсептелет.

*Төлөм системаларынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү коэффициенти* – системадан пайдалануучулар үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык үзгүлтүктөрдөн улам иштебей токтоп калуулар, электрэнергиясын өчүрүүлөр, системанын операциялык күнүн кеч баштоо же эрте аяктоо, системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

*Төлөм системаларынын ликвиддүүлүк коэффициенти* – системанын катышуучуларынын эсептеринде төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн ликвиддүү каражаттардын жетиштүүлүгүн мүнөздөйт.

*Макропруденциалдык талдап-иликтөө* – бул, бүтүндөй финансы системасынын таасирдүү жактарына жана чабал жерлерине баа берүү жана мониторинг жүргүзүү.

*Минималдуу керектөө бюджети* – бир адамга эсептелинген бир күндүк минимумга ылайык келген минималдуу ыңгайлуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр топтомунун наркы.

МАЗМУНУ

*Бир адамга эсептелинген бир күндүк минимум* – адамдын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу, анын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон минималдуу керектөө куржунунун наркынын өлчөмүнө барабар, материалдык ыңгайлуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдуу топтомунун нарктык баасы, ошондой эле милдеттүү төлөмдөрдүн жана жыйымдардын суммасы.

*Колдо болгон киреше* – өздүк керектөө үчүн багытталган, салык алынгандан кийинки таза киреше. Өздүк колдо болгон киреше, өздүк киреше менен салыктардын суммасынын ортосундагы ар түрдүүлүккө барабар же керектөө суммасына жана жыйымдар чоңдугуна шайкеш.

*Реалдуу пайыздык чен* – номиналдык пайыздык чен, ал инфляция деңгээлине карата корректировкаланган.

*Баалуу кагаздар рыногу* – баалуу кагаздардын компания-депозитарийлери, эсептик жана клирингдик палаталар, ошондой эле биржанын ишкердигине байланыштуу кызматтарды сунуштаган башка компаниялар сыяктуу уюштурулган биржалар жана түзүмдөр. Бул категорияга иши финансылык корпорациялар тарабынан камсыздалган депозитарийлер жана клирингдин электрондук системасы, ошондой эле биржалардын жана алар менен байланыштуу институционалдык бирдиктердин ишкердигине көзөмөлдүктү жүзөгө ашырган же алардын ишин жөнгө салган улуттук өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмдар кирет.

*Стресс-тесттер* – бул, портфелдин макроэкономикалык жагдайда же өзгөчө, бирок чындыкка жакын жагдайларда олуттуу өзгөрүүлөргө карата кемчиликтерине баа берүү үчүн колдонуучу ыкмалар.

*Жумушсуздук деңгээли* – айкын жумушсуз жарандардын санынын жана экономикалык жигердүү калктын жалпы санынын пайыздык катышы.

*Финансылык активдер* өзүндө капиталда катышуу инструменттерин жана инвестициялык фондулардын пайларын/акцияларын, карыздык инструменттерди, туунду финансылык инструменттерди кызматкерлер үчүн акцияларга опциондорду жана монетардык алтынды камтыйт.

*Финансы рыногу* – катышуучулардын белгиленген иш алып баруу тартибине ылайык, экономикалык субъекттер финансылык талаптарды сатууну-сатып алууну жүзөгө ашыра турган рынок катары аныкталат.

*VaR (Value at Risk)* – белгилүү бир мезгил ичинде акча түрүндө келип чыгышы ыктымал болгон максималдуу жоготуулар.

| | |
|---|---|
| ААК | – ачык акционердик коом |
| АКШ | – Америка Кошмо Штаттары |
| ББПБ | – Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору (ЕМПЦ) |
| БФКМ | – банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| ГСРРВ | – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ) |
| ЕАЭБ | – Евразия экономика биримдиги |
| ЖАК | – жабык акционердик коому |
| ИДӨ | – ички дүң өнүм |
| КБИ | – керектөө баа индекси |
| КММ | – күйүүчү-майлоочу материалдар |
| КМШ | – Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги |
| МКО | – мамлекеттик казына облигациялары |
| МФУ | – микрофинансылык уюм |
| ПКС | – пакеттик клиринг системасы |
| ПРБО | – мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет |
| П.п. | – пайыздык пункт |
| РППУ | – потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабуу үчүн каралган кам |
| УСК | – Улуттук статистика комитети |

МАЗМУНУ

ФАО – Бириккен улуттар уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба боюнча иш алып барган уюму
ФКМ – финансы-кредит мекемелери
ФРС – АКШнын Федералдык резерв системасы
ЭВФ – Эл аралык валюта фонду